КОЙ ЧАРБАСЫ-
ЭПКИНДҮҮ
ЭМГЕК



Т. АКМАТОВ

ЧАБАН ЖАНА САКМАЛЧЫ



КОЙ ЧАРБАСЫ-
ЭПКИНДУУ
ЭМГЕК



Т. АКМАТОВ

ЧАБАН ЖАНА САКМАЛЧЫ

ФРУНЗЕ
КЫРГЫЗСТАН
1982

65.9(2)325.2
А 40

Акматов Таштанбек.

А 40 Чабан жана сакмалчы. — Ф.: Кыргызстан, 1982. —84 б. — (Кой чарбасы — эпкиндүү эмгек).

Тоң районундагы XXII партсъезд атындагы колхоздун чабаны, СССР Жогорку Советинин депутаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры, КПССтин XXVI съездинин делегаты Таштанбек Акматовдун бул китебинде анын сакмалчылар менен иштешүүдөгү ийгиликтери, чабандын төл алуудагы рекорддору бир адамдын эмгеги аркылуу гана жаралбастан коллективдин күрөшүнүн жемиши экендиги көрсөтүлгөн.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналган.

А $\frac{-40701-2}{М\ 451(17)-82}$ 1111. 82. 3804010100

333.76
ББК 65.9(2)325.2

Рецензент *Т. Насирдинов*

© «Кыргызстан» басмасы 1982-ж.

Чабан — бул ким?

Суроого толук жооп кайтаруу үчүн кыйла маселенн козгоого туура келет. Айрымдардын түшүнүгү сыяктуу, ага короодогу койду бекиткен, аны баккан, мал артынан жүргөн, анын суугуна тоңуп, ысыгына күйгөн, жүнүн кыркып, козусун бөлгөн, ыгы келген жерде этине тоюп, эртели-кеч короосун күткөн деген өндүү бир багытта жүргөн адам катары кароого болбойт. Албетте малчы болгон соң, караган-тутканың мал дечи. Бирок чабандын иши аны менен гана чектелбейт. Азыркы чабан — бул өз оторундагы бардык ишти уюштыруучу, адамдарды тарбиялоочу, жаңылыкты үйрөнүп, изденип, алдыңкы ыкманы өндүрүшкө киргизүүчү, экономиканы терең түшүнө билген, кесиптештерине кеңешин берүүгө жөндөмдүү, алдыдагы милдетти кошо иштегендерге жеткирип, аны аткаруу үчүн айлана-чөйрөдөгүлөрү менен иштеше билген адам.

Мамлекетибиздин уюткусу үй-бүлө. Партиябыздын XXVI съездинин чечимдерин аткаруу үчүн болгон күрөштө бүтүндөй мал чарбасынын тагдыры чечилүүчү жерде отор кой, ага ээ болгон чабан турат. Отордогу койдун багуусу кандай уюштурулган? Алдыдагы кампанияларга карата кандай даярдыктар көрүлдү жана алар кандай өттү? Кемчиликтер кайдан келип, ийгиликтер кантип жаралды? Эң башкысы — ким кандай иштеди, эмне иш бүтүрдү, жалпы милдетти чечүүгө кан-

чалык салым кошо алды? Ким эмнеге жөндөмдүү экен? Азыркы чабандын өндүрүмдүү иштөдөгү милдеттери мына ушулар. Анткени, отордогу кой багууга жараша төл, жүн берет деп көп эле айтып жүрөбүз. Бул чындык. Малды убагында жайытка чыгарсаң, жайытың жакшы болсо, маалында тоюттандырып, суусунун кандырсаң, жуушатсаң, жүнүн сапаттуу кыркып, төлүн дурустап алсаң ишинде жогорку көрсөткүч жаралары талашсыз. Ал эми малга мээримдүү мамиле жасап, сылап-сыйпасаң ошол оюндагы ийгилигиң жаралары шексиз. Мен бул китепчеде чагылдырайын деген негизги өюм ушул маселе.

КОЙ ЖООШПУ?

Малдын эң жоошу кой деп коюшат кыргыздар. — Ооба, ошондой, кой — теппейт, кой — сүзбөйт. Айтор адамга зыянсыз. Бирок кой адамга өтө жакын, өтө назик мал. Анын деле, бардык жандыктар сыяктуу эле, кыялы бар. Албетте, ал кыял бирөөгө көрсөтүү үчүн ойлонуп жасалбаган, багыттуу эмес шарттуу кыял. Ошентken менен, өзүнө карата болгон адамдын мамилесин ал кадимкидей сезет. Булардын бардыгы куут маалында жана төл өнөктүгүндө даана көрүнүп турат. Айталык, жылдын көпчүлүк мезгилинде эки-үч адамга гана үйүр алган койлор туут маалында жардамга келген чоочун сакмалчылардан адегенде кадимкидей чочушат, үркүшөт, бышкырып, кетенчиктешип, жакындаса дыр берип качат.

Сакмалчысыз эле туут өткөрсө кандай болоор эле деген ойго келесиң ушундай учурда. Анда кантип үлгүрүүгө болот? «Аңгектен качсаң — дөңгөккө» деген ушул. Койлорду жасалма жол менен уруктандырууда биз бир топ маселени чечип алдык — өз оторумдагы койлорду өзүм гана жасалма жол менен уруктандырып

алып жүрөмүн. Үйүр алган кишисинен кой үркпөйт, коркпойт. Эгизге негиз түзүлөт. Туутта жалгыз адам бир короо койго кандай болсо да жетише албайт. Демек, сакмалчысыз иш бүтпөйт. Мындай болгон соң ошол сакмалчынын малга жасаган мамилесинин түздүгүнө жараша төлдүн тагдыры да чечилет.

...Өткөн жылдардын бири. Капчыгайдан чыга келген ооздобуз. Жер кара болгону менен от жок. Койду бир чети серүүндөтүү, бир чети жайытка болгон талабын кандыруу максатында бир аз жайып келебиз да колдон кошумча тоюттандырабыз. Төлдөтүү өнөктүгү башталаар маал — короодо бирин-серин козунун маараганы угулат. Куутка жараша төл алынаар күнү жакындаган соолуктар өзүнчө бөлмөдө. Айтор кашар ичи кым-куут. Ошол туут күнүнө байланыштуу бириндепсериндеп сакмалчылар да келе башташкан.

Дем алыш күн боло турган эле. Кезектеги сакмалчыны күтүп жатсак, таңзаарынан эле мурда келген сакмалчыларыбыздын бири ары-бери басып, кол учу менен кыймылдайт. Анан ыгын тапты көрүнөт, мага жакындай келип:

— Байке, бүгүн үйгө барсам дедим эле. Жумуш чыгып калды,— деди.

Өткөн жолу сакмалчылар менен болгон жалпы жыйналыштан соң колхоз башкармасынын председатели Ж. Эшперовдун өзүмө жекече туруп айткан сөзү эсиме кылт дей түштү. Председатель анда мага тиги сакмалчы бир нерсеге дитин койсо жакшы иштээрин, бирок эптеп шылтоо таап башы оогон жакка кете берерин, анан бир топ күн катары менен арактын артынан түшүп, ичип жүрүп аларын эскерткен эле.

— Азыр коё тур,— дедим мен тигиге, башкалар укпасын дегенсип ишарат кылып.

Ал убакытты эптеп өткөрүп мага улам кылчактап, кээде жөнү жок эле кой, козуну жөөлөп, ишин улантымыш болуп илең-салаң жүрдү. Мен аны байкамаксан

болуп, өз ишимди уланта бердим. Бир топтон кийин жанына басып келдим да:

— Ой баракелде, чындыгында эле көп иш кылган турбайсыңбы, кыйналсаң керек,— дедим, тигинин көңүлүн көтөрмөлөп.

Экөөлөп калган козуларды эмизип бөлмөлөрдү тартипке келтирдик, койлорго тоют бердик, дагы кыйла жумушту бирге бүтүрдүк. Анан бирге басып келип, чайга олтурдук. Жакшы көргөн тамагынан да жүздү куйдум. Унчукпады, алып жиберди. Сөзү көбөйүп, көңүлү ачыла түштү. Мен кептин учугун мал төлдөтүү жагына буруп туруп алдым. Кээде тигини мактап сала беремин. Акырында мал жаңыдан төлдөй баштаганын, сакмалчылар бүт келе электигин, күч жетпей бара жатканын, кой төлдөтүүнүн, дегеле бүтүн отордогу иштин тагдыры тигинин колунда турганын айттым. Анын көз карашы өзгөрүлүп мага кандайдыр эң жакын адамы сыяктуу жан тартып жандана түштү. Үйүнө барып кел, бирок сенсиз күнүбүз өтпөй калат дегенime ал үйүнө кетпестен кайра короону көздөй бет алды.

Кой төлдөтүү кызып кирип келди. Тиги сакмалчы менен бир дасторкон үстүндө даамдашып жүрдүк. Кээде, жогорудагы сыяктуу, жүз грамдашуу учуру деле келип калып жүрдү. Бирок ал ошондон тартып арак ичкени байкалбады. Бара-бара куун ичкенди деле таштады. Адамга ишенүүнүн, адамды бир нерсеге ынандыруунун күчүн ошондон байкадым.

Ошол жылы мен рекорддук көрсөткүчүмдү дагы кайталап, ар жүз койдон 171 ден козу алган элем. Короо толо мал, таң заарынан күүгүм киргенге чейин койкозунун маараканы. Ар кимиси өз милдети менен алек болгон сакмалчылар. Кенедей тыным алууга мүмкүнчүлүк жок. Чарчашып-чаалыгышкан адамдар эч нерсени сүйбөйт. Бирдей эле иштеп жаткандарга кээ бирөөлөр орой мамиле кылышып, ачуусун бири-биринен, койкозудан чыгарышат. Жериген койду мурундан алып,

кежигесин кержейте тартышат, мурдун көзөшөт, таяк менен чаап, туш келди жерге күрс эттире тебишет, энесин эмбей тежиктенген козуларды буттарынын башына иле клеткадан алыс ыргыта тээп жиберишип, көпкө чейин энесине салбай коюшат. Малды сабап, өзүнчө сөгүнүшөт, жанына келген кишиге кычык сүйлөп, жекиришет, чыр чыгарууга даяр турушат.

Бир ата, бир энеден туулуп, бир үйдө чоңойгон балдардын кыялы деле ар башка эмеспи. Анын үстүнө, сакмалчы жылыга барган короосунда туруктуу иштеши үчүн чарбада мүмкүнчүлүк болбойт да. Ошол себептүү жумушка түшүнүгү да, күч-аракети да, кыял-жоругу да, жалпысынан алганда — бүтүндөй чөйрөгө көз карашы да ар түрдүү адамдар менен бирге иштеп, мал төлдөтүү кампаниясын бирге өткөрүүгө туура келип жүрөт.

...Күн кечтеп калган эле. Аймакта суук али күчүн жогото элек. Кой эртелеп короодо. Сол капшытта баягтан бери өз алдынча кобуранып жаткан сакмалчы бүтүн мал болгонго наалат айтып, отугуп калган козулардын бөлмөсүн аралай басты. Эки колун күчүнүн барынча сунуп, кежигесин кержейте тартып, далысын чыгара үрпөйүп тыңыраак бир козуну кармай албай жүрөт. Чарчады көрүнөт, бир оокумда оор үшкүрүнө бөлмөнүн каалгасын таяна туруп калды. Козулар ары удургуп, бери удургуп, бирин-бири клеткаларга кысат.

Ошондой эле ачуусу келип алган дагы бир сакмалчыга жардам берип жаткан элем. Ал эми мындан аркысын өзү бүтүрөрүнө көзүм деле жетип калган. Аны менен бул туурасында сөзүбүз деле аяктаган болучу. Мен эми тиги бурчка акырын жакындай келдим да унчукпастан клетканы ачып, бирине-бири ныкташып калган козуларды аярлап бери жылдырып, ачуусу келип турган сакмалчыга тосуп койдум. Ал алиги козуну түйшүксүз эле кармап алды да өз бөлмөсүнө киргизди. Козу бир маарап алды да топко кошулду. Экөөбүз эки

жагында тургандыктан козулардын кайсынысын кармасак да өз эркибиз болучу. Сакмалчы мени түшүндү көрүнөт. Мен эч нерсе дебесем да бир оокумда ал иши менен алек болуп жатып, кечирим сурагандай болду:

— Жан күйүп кетет экен. «Эшекти отко айдасаң тескери качат» деген ушул да.

— Мал деп коёбуз,— деди алиги сакмалчы шериктерине. Өзү бир нерсени билбесе, же билгендин тилин албаса, андай кишини «малсыңбы» дейт экенбиз. Анан, малдын мал экенин билип туруп, эмнеге ошончолук ачуум келди деймин да. Учурунда колума тийсе өлтүрө чапмакмын. Эми ойлосом өзүмдөн өзүм уялып олтурамын.

Кыялы чукул болгону менен ал ар кимге кадыры бар, түшүнө сүйлөгөн, мал бакпаганы менен, баккандын жайын билген неме эле. Өзүнүн кыял-жоругуна байланыштуу окуялардан бир топко чейин кеп салып берди. Ар кимибиз өз пикирибизди айттык. «Бир колундун ачуусу келсе, экинчи колуң менен кармап токтот», дешти көпчүлүк.

— Капырай ар кимибиз эле бирден козуну сабап кирсек, Таштанбектин алган козулары бүт качаанак болуп чыга келет го,— деп сөзүн бүтүрдү ал.

Бир аз күн өтпөй кезектеги сакмалчыбыз келди короого. Иштин жөн-жайын түшүнгөн сыяктуу — өткөн жылы коңшу короолордун биринде иштеп, арбын төл алып берип, чабандын мактоосуна татыктуу болгон экен. Бул жолу да айттырбай эле өз жумушун баштады. Иши «ондой салды» көрүнөт эгиз козулары көбөйдү.

— «Келиндин аягынан, койчунун таягынан»,— дей баштады ал башкаларга өөдөтөн карап. Ушундай иштеш керек. Иштесең иштегендей иште, иштебесең билген жумушуңа бар.

А өзүчү? Байкасак, көп нерсени билмексенге салып коёт экен. Аны кесиптештери да байкап калышыптыр.

Күндөрдүн биринде кошуна сакмалчы экөө кайым айтышып жатканынын үстүнөн чыктым.

— Дардаңдаба, сен,— деди кошунасы ага,— эгизди чөнтөгүңдөн ала койгон жоксуң. Анда сенин эмгегиң жок.

— А кыйын экенсиң, сен келген күнү канчасы эгиз тууду эле?

— Бир күнү жалаң эгиз тууйт, экинчи күнү — жалкысы да чыгат, анын эмнеси бар?

— А мен келгенден бери жалаң эгиз тууп жатпайбы.

— Ал чабандын эмгеги. Экөөбүздүн ишибиз алынганын аман асыроого көмөктөшүү.

— Ошентсе да...

Мен жакын келдим да сөздөрүнө аралаштым. Экөөнүн ачгемелерине анча деле кунт койбогон адамча «эмне эле бүлүндөп жатасыңар?» демиш болдум. Тигилер да бири-бирин жемелеп, мага даттанышпады. Мен беркиси менен бир аз жай сурашып, «мактанчаак» сакмалчыга жакындаштым.

— Ой, тим эле козуларың секирет да, айланайын,— дедим аны ого бетер мактай салып. — Койлоруң дагы өңүнө чыга түшкөнбү?

— Ии ошентсең, байкебай,— колдон келишинче иштеп берели. Мен аянбаймын. Былтыр да сакмалчылардын алды болгомун. Уксаңар керек.

— Укканбыз, ооба. Сыйлык алганыңа да кабардарбыз. Жолуң да жакшы экен. Кечээ сен келгенден бери бир да кой жалкы тууган жок. Жалаң эгиз. А түгүл үчтөн төлдөгөнү да бар.

Жанымда турган сакмалчы ыраазы болгондой турган сакмалчынын кейпинеби, айтор ким билсин, жанагы кайым айтышып жаткан кошунасы бурк этти:

— Карачы, тигини, койду да ошол уруктандырып тирүүлөй козуларды жатынга салып койгонсуп. А жалпы ишке келгенде сөзүңө жараша ишиң болсо гана. А

жана короо тазалаганда кайда жүрдүң? Жем тараткanda кайда элең. Алдагы козулардын алдындагы кыкты ким алмаштырды, ким кургактады? Ооз көптүрө сүйлөгөн соң колду да иштете билүү керек. Айтпаса адамдын жанын кашайткан неме экенсиң. Мен, мен деп эле төшүндү койгулайсың, ишке келгенде карааныңды көрсөтпөйсүң. Былтыр-былтыр эле дейсиң, аныңды да билебиз. Кыйын болсоң ошол чабан догурунуп жатып сени сурап алмак, сенден ажырамак эмес. Ооз көптүрмөндү кийинчерээк түшүнүп калса керек.

Ал дагы эле көп нерселерди айтып салды. Ошенткен менен ачууланбады, буркан-шаркан түшпөдү. Кадимки чогулуштагыдай сүйлөдү. Чагымда ушунун баары ичине толуп кеткен көрүнөт. Анын сөзү мага эле эмес короо ичиндеги бардык сакмалчыларга угулуп жатты. Эң артында «жолуң болгур, мактанбоо керек, курулай» деди да өз ишин уланта берди.

Менин жанымда турган сакмалчы ооз ача албады, жооп кайтарууга да далалат жасабады, кээде таңыркагансып мени карап, кээде «бул эмне дегениң» дегендей кошунасына көзүн жүлжүйтүп турду да терс бурулуп, клеткалары менен алек болуп калды.

Күтүүсүз жерден оюмдун аягына чыга албай калган мен, бир аз ыңгайсыз боло түштүм да, аркы бурчту көздөй бет алдым.

Кечки тамактануу мезгилинде «жеме уккан» сакмалчы үстү-үстүнө кургак жөтөлүп, чүчкүрүп калды. «Табитим тартпай турат» деминш болуп тамак ичпей жылуу жамынып жатып алды. Калгандарыбыздын деле ыркыбыз келишпегендей, сөзгө так жооп беришип, тынч калып жаттык. Күндөгүдөй тамаша, күлкү болбоду.

Ал эртең менен деле жөтөлүп турду. Короого элдин артында келди.

— Жылуу кийинсең боло,— дедим мен ага чын дилим менен. — Жумуш табылат. Ден соолук керек. Бүгүн-эртең жата турууң экен, суукка чыкпай.

— Эч нерсе эмес, тумоо көрүнөт,— деди ал мага ишенимдүү көз караштa. — Ошондоюм бар башынан. Жылуу сорпо-шилең ичсем эле сакайып кетүүчүмүн.

Малды тейлештирип койдук да мен аны үйгө алып барып, ысык тамак бердирип, көпкө аңгемелештик. Эстей калганда күчкө салып жөтөлүп коюп олтурду. Мен да байкаганымдын бардыгын жаап-жашырбастан айтып бердим. Ал жөнүндө кесиптештери кандай ойдо экенин да билдирдим. Акырында «жабылуу аяк жабылуу бойдон каларын», экөөбүздүн аңгемебиз жөнүндө эч ким билбей турганын айттым. Чындыгында анын кыйла эмгек сиңирип жатканын эскерип, жалпы ишке да активдүү катышуусун сурадым.

Албетте бир эле жолу аңгемелешкен соң терс кыял оңолуп, адам кайра жаралып, кылган иши күзгүдөй болуп чыга келбейт эмеспи. Туулгандан орто жашаганга чейин калыптанышкан тиги сакмалчынын кыял-жоругу биздин оторго келип, бир жолу мени менен дидаарлашса эле башкача боло түштү дегенге ким ишенет? Бирок буга «эми ал адамдан эмне чыгат, болоорунча болду, боёсу канды» деп койсок чоң жаңылыштык кетирээр элек. А түгүл кээде бул сакмалчынын мактанганын сүрөп коюууга да туура келип жүрдү. Андайда мактанчаак адам ого бетер дарданып, тоону томкоруп жибергиси келет экен. Кээде калп жөтөлө калса, аны аярламыш болуп, ал жөнүндө камкордук көрүп, берерге тамагынды, саларга жылуу төшөгүңдү ала чуркасаң, ушинтсең эле айыгып калуучу элең десең, чындыгында эртеси куландан соо тура келет.

Менин бул жерде айтаарым, адамдын кыял-жоругун кайра жасап коюуда эмес, аны учурдун талабына ылайыктап, жакшы нерсеге багыттоодо турат. Мен эле эмес, кесиптештери деле кийин тигил сакмалчынын кыял-жоругун билип, а турсун ага көнүп да калышты. Бара-бара мактанчаак кыялын карматса, анткорлоно баштаса, ага көңүл деле бөлбөй коюшат. Ыгы келе

түшкөндө, кээде ага кошулуп мактап, сүрөп да коёбуз. Ошол мактанган күүсү менен барып, ал көп жумушту бүтүрө салат, айрым убакта бирөөлөргө үлгү болорлук эмгектенет. Күндөрдүн биринде чын эле тумоолоп калса да «менин дартым таза абада кетет» деп жылуулануп үйдө жатпастан иштеп жүрүп алчу болду. Баарылап жатып араң көндүрдүк. «Мал ээсин тартпаса арам өлөт» деп коюшат кыргыздар. Калети жок сөз. Чарчапчаалыкканын сакмалчы малдан чыгарса, туш келди жерде кой-козусун тепкилеп, сабап кирсе, колуна тийгенин ыргытса мал да жалкотой болуп бүтөт, адамдан коркот, үркөт. Деги эле тийбеген адам көрүнсө да өмүр бою дыр берип жүрүп өтөт. Адамдан көңүлү калган жаш козуну кийин эч нерсе менен колго көндүрө албайсың. Коркуу, үркүү ага адат болуп калат. Андай мал менен эч качан «тил табышууга мүмкүн эмес». Мал түгүл адам да башынан, жашынан көргөнүн жасап эсине тутат.

Менин оюмча мал менен «тил табышуу» керек. Ансыз малчы боло албайсың. «Тил табышуу» дегенибиз малды жайына кой, кандай жайылса жайыла берсин, канча тоют жесе ошончо, качан жесе ошондо жесин дегендикке жатпайт.

Малга камкордук кылуу, аны дурустап багуу, ысыгына күйүп, суугуна тоңуу, аярлап мамиле кылуу, сылап-сыйпоо.

Жогоруда айтылган сыяктуу, малга жасалган мамиленин негизи аны тейлеген адамдардын бири бирине жасаган мамилесинде жатат. Кайсы отордо болбосун айрыкча төл маалында сакмалчылар бири бири менен жана чабан менен тил табышса, бирине бири көмөк берүүгө даяр турушса, жумуш оор-жеңили жок баарыга бирдей зарыл нерсе катары бааланса, биринен бири көңүлү калбаса, оройлук, уят-сыйытсыздык четтетилсе ошол жерде малга болгон мамиле да жакшы, эмгек да үзүрлүү.

Биздин колхозубуздун эле мал жандуу шартыбызга жараша малсыз турмуш өтпөс чыгаар. Оокат-тиричилигибиздин орчундуу бөлүгү ушул тармак. Демек, кичине дебей — чоң дебей малдын жайын жакшы билишет. Ошентсе да түздөн-түз коомдук малдын бир кыйласына жайдыр-кыштыр ээ болуп жүргөн чабандын өз шартында билгенин ар ким биле албайт. Мага, мисалы, короодогу коюмдун ар бири көздөй таанымал, кайсынысы канча кар басканы, кайсынысы качан кууттан чыгып, былтыр канча козу бергени, ал турсун, быйыл жалкы же эгиз тууру дап-даана маалым.

Бир аз күнгө жардамга келген сакмалчы аларды кайдан билсин (айрыкча алгачкы күндөрдө). Буларды үйрөнүп алуу, малды таанытуу, билүү чабандык милдет. Чарчаган, ачуусу келип турган сакмалчыга эрегишип, орой сүйлөөдөн, катуу айтуудан эч пайда чыкпайт. Араң турган неме кылчайбастан басып кете бериши ыктымал, антсең. Башка бирөө жардамга келгиче козуң эмизилбей, короон тазаланбай, коюң тоютсуз калышы мүмкүн да. Кимге кереги бар мындайдын. Эң негизгиси, түшүнбөстүк менен терс кыялын көргөзүп турган адамдын көңүлүн биротоло оорутуп албайсыңбы. «Адамдан малды артык көргөн неме экен» деп жар сала берет андай неме. Басып кетпеген учурда да ачуусун кол алдындагы күнөөсүз малдан чыгарат.

Мындайлар менин тажрыйбамда көп эле кезикти. Кийинки жылдарда, же менин кыялым өзгөрдүбү, же жалпы эле жердештеримдин түшүнүгү арттыбы, айтор, кызуу төлдөп жаткан койду таштап, чабандын үстүнөн башкармага арыз киргизип жүргөндөр жоголуп кетти. Бирок билбестик кылып козуну чала эмизүү, же ээмп жаткан козуну өз убагында албай коюу, койдун тууна начар жардам көрсөтүү, козуну дурустап тойгузбоо өндүү каталык кетирген сакмалчылар көп эле кездешет. Кези келген эле жерде мындайларды опузалап, андайсың-мындайсың, дей берсек, адам өзүнөн өзү чүн-

чүп, чөгүп кетпейби. Чабандын мындай кыялын башка сакмалчы кандай баалайт? Менин оюмча бул чоң жаңылыштык. Бир нерсени билбей жасап жаткан адамды жекире берүүдөн эч нерсе чыкпайт, аны үйрөтүү гана керек. Эгерде үйрөнгүсү келбесе иш башкача. Анда тарбиялоонун башка жолдорун колдонууга туура келет. Андайларды жалгыз чабан эмес, өз кесиптештери деле бат эле тартипке чакыра салышат.

Мурдагы жылдардын биринде өз башымдан өткөн окуялардын бири эске түшөт. Анда да ушундай эле эрте жазда кой төлдөтүүчүбүз. Кой-козунун маараганы бүткүл өрөөндү жаңыртып жаткандай. Иш кызыган маал. Сакмалчылар ошондо деле азыркыдай график менен күн өткөрүп, козунун алынышына жараша келе турган. Бирок ошол кезде бардыгы короодо эле. Алиги «капырай» деп сүйлөгөн сакмалчыбыз ошол жылы да биздин короодо болучу. Бир оокумда анын бир эсе таң калгандай, бир эсе ачуусу келгендей үнү угулат:

— Капырай! Ой, кайда кеткен бул. Өлмөк болду тиги козу!

Ачуусу келген сакмалчы менен катар эле жеттим мен ошол жерге. Көрсө кечээ эле туулган козусун энеси тебелеп кетиптир. Телчип калган козу обдулуп, тура албай жатты. Аңгыча ээси да шашып-бушуп жетип келди.

— Капырай, айтпадым беле, сак болуш керек да. Айтып кетпейсиңби, жок дегенде. Карап турат элем да. Анан деле барсаң болот эле го. Эмнеси күйүп баратыптыр. Токтой тур дебейсиңби.

Кошунасынын эле жемеси жетишип калды көрүнөт, мен унчукпастан козуга жардам көрсөтүп олтура бердим. Же күнөөсүн сезгени, же уялганы, же мейлиге салганы билинбеди тигинин кейпинен. Бирок жаңы эле тыңып калган козунун абалын көрүп, кандайдыр үтүрөйүп турду да:

— Иним келип калыптыр, шашып жүргөн экен,— деди.

— Шашып жүрсө айтып кетүү керек да,— деди кошунасы жекире. Бая күнү да ушинткенсиң, эсиңдебй, айтпадым беле жетерлик. Так козу эмизээрде чыгат сенин ишиң. «Койчунун кызы кой келерде иш кылат». Ана, тетиги эгиз козуңдун кичирээги чала эмди. Чоңураагынын ичин карачы — көөп чыкты. Дагы чычкактайт эми. Кечээ эле дежур болгондо каршы терезелердин экөөн тең жаппай кетип калыпсың, менин козуларыма суук тийдиби? Сүтү жок койдун эгизинин түгөйүн жалкы козулуу сүттүү койго тели десе да болбой койдуң эле,— карачы тиги козуңдун түрүн.

Ал жүйөлүү сөздөрүн бир чети мени уксун десе, экинчи жагынан тигиге сабак болсун дегендей таптап, көптү билген катары айтып жатты. Беркиде тил жок. Мен да унчукпадым. Дагы айта түшсө экен дегендей кылдым.

Кечки тамактан кийин сөздүн ыңгайын келтирип туруп бүгүн бир сакмалчыбыз козу эмизип жаткан маалда ишти таштап басып кеткенин, энеси козусун тебелеп өлтүрүп сала таштаганын, айрыкча эгиз козулар бири тоё эмсе экинчиси тойбой калып жатканын айттым. Ар кимибиз күндөгүдөй эле, кайсы козу кайсы койго телингенин, кайсы козуну ороп жылуулоо керек экендигин, канча кой туурун, анын канчасынан эгиз күтүлөрүн, аларды кайсы койго телүүгө мүмкүн экенин сүйлөшүп отурдук. Мейлиге салып басып кеткен сакмалчы да жаңылыштыгын мойнуна алды. Кесиптештеринин алдында ал башын жерге сала мындай деди:

— Байкабай эле, түгөнгүрдү. Так ошол маалда инимдин да каскактай болуп келе калганын карабайсыңбы. Деги, мынабу байкемдин тили жандан өттү көрүнөт. Анысы үчүн күнөөлөй албайм, өз малым үчүн өзүмө катуу айтса, акыл да. Кет десеңер кетип деле калайын, бирок...

— Кет деген эч ким жок сени,— дедим мен анын көңүлүнө кир кетирбөөгө аракет кылып, акырын гана,— сен кеткенде иш өзү жүрүп кетпейт же баары өзү бүтүп калбайт. Бирок тыкан болсоң дейбиз. Көпчүлүктүн малы, чабан жооп берет, деп мейлиге салганыбыз жарабастыр. Менин жетишкендигим — силердин жетишкендигиңер эмеспи. Чын-чынына келгенде мал силердики, мен багып жүргөн гана малчыңармын. Эми айланайындар, бири бирибизге эриш-аркак бололу, колуңардан келбесе бир жөн эле. Аз күн турбайбы, чыдап бергиле. Отордун тагдыры силердин эле колуңарда. Төлүбүз жаман эмес. Ошону сактап калууга аракеттенели жалпылап.

Ошол жылы бул сакмалчы козу эмизгенде жанында болуп, кошо жүрүп дежур күндөрүндө жардамга келип жүрдүм. Төлдөтүү кампаниясынын акыры ченде ал «камчы салдырбаган» тың сакмалчылардын бири болду.

Коомдук ишке салкын көз менен карайсың» деген шылтоо менен бул сакмалчыны «үйүңө бар» десек болот беле? Анда дагы бир башка кыял-жоругу бар адам келсе эмне демекчибиз. Баарын эле кетире беребизби? Колхоз жетекчилери эмне дешмек андай болсо? «Өзүнөн башканы жактырбайт» дешпейби ким болсо деле чабанга. Мындай чабанга сакмалга баргандан деле заарканып турушпайбы адамдар. Сакмалчыны короодогу койго камкор мамиле жасоого үйрөтсөң, а өзүң адам менен «тил табышып» иштей албасаң эмне дешке болот?

Сакмалчы адам да. Анын кыял-жоругун үйрөнүп, аны менен эсептешкен чабан жөнүндө да сакмалчы бир нерсе билгиси келет. Ал да чабанды нечен сындан өткөрөт, ошол короого бекитилип берилгени менен койкозу бакканга байланыштуу нерседен башкасын чабан менен тең укуктуу экенин түшүнөт. Алдыдагы милдетин ал билет, жалпы иште өз үлүшүнүн өлчөмүн да эсептеп чыгарат. Жанагы «тил табышуу» дегенибиз

ушунусу менен жеңилирээк да, ушунусу менен ооруураак. Жеңилирээк дегенибиз сакмалчы чабанды, чабан сакмалчыны түшүнгөнүндө. Ал эми ооруураагы — ошол түшүнүктө бир тараптын толугураак, экинчи тараптын үстүртөнүрөөк билишинде. Кээ бир маселеде чабандын айтканын «акылдуусунуп жатат» дегендей ишенбестик менен кароо, ушундан улам келип чыгат. Эгерде андай маселе ортого салынып, майда-чүйдөсүнө чейин талдоодон өткөрүлүп, адамга жеткирилсе тиги ооруураак көрүнгөн нерсе да оңой чечилет.

Адамдын колунан келбей турган нерсе жок. Тек аны үйрөтүү, көнүктүрүү гана керек. Албетте бирөөлөрдүн колунан көбүрөөк нерсе келет ,татаал маселелерди чече алат, а экинчи бирөөлөр үчүн андай маселелер бузулбаган дындай сезилет. Бирок бара-бара адам ага да көнүгөт эмеспи. Эгерде билген, түшүнгөн нерсесин жасагысы келбесе, анда иш башка. Мындайлар да биздин арабызда кезигет. Буга байланыштуу дагы бир окуяны айтып өтөйүн.

Короодо иш өз кезеги менен жүрүп жаткан эле. Эч нерседен капарсыз эле сакмалчылардын бири бурканшаркан түшүп, ачуусу келип калды. Эки тараптагы кошуналарына да тили тийип кетти. А турсун өзүнүн мурда жасап койгондорун да жактырбагандай түрү бар. бөлмөлөрдү тарс-турс ачып жабат. Бир кошунасы жанына келди эле ого бетер ээликти. Тигил кайра басып кетти. «Жылкы кыял» экенин байкаган элем, мен да унчукпадым, байкабамыш болдум. «Жылкы теппей, жылан чакпай» эле өгүнүрөөк дагы ошенткенинен чочуп калгамын. Ал өзүнчө кыйлага чейин булкулдап-сирпилдеп жүрдү да бир маалда калыбына келгендей болду. Учурдан пайдаланып жанына басып келип тамашага жооттум:

— Жарыктык, мына бу козуларды карасаң жоошуп калышканын. Адамдын ачуусу келгенин билгендерин көрчү...

— Кечирип коюңуз, байке. Эмнегедир буулугуп кеткен көрүнөм. Токтоно албай кетмем бар. Козулар менин ачуумду сезип жатышат дейсизби, кыймылымдан чочуп жатышса керек. Мал да. Жан керек эмеспи.

Сакмалчынын өз күнөөсүн мойнуна алганына мен эле эмес, азыр эле асыл тил тийген эки кошунасы да ыраазы болгондой унчугушпады. Кийин, кезеги келген жерде гана алар «анын кыялынан козулар да чочушат» деп «жылкы кыял» кошунасын тамашалап жүрүштү. Бул тамаша тигиге гана эмес, жалпы эле сакмалчылар үчүн чоң сабак болуп калды.

Бир топ жылдардан бери мен сакмалчылардын туруктуу болушу үчүн аракет кыламын. Бул үчүн бригадир, ферма башчысы, зооветеринардык адистер сакмалчылардын тизмесин тактаган кезде аларга өз пикиримди айтамын. Тизме кой төлдөтүүгө 15—20 күн калганда тактала т. Анан адистер менен бирге ар бир сакмалчынын үй шарты менен таанышып чыгабыз. Эртеңки сакмалчылар иштен алагды болбосун үчүн колдон келген материалдык жардамдарыбызды көрсөтүп, үй-тиричилигиндеги зарыл жумуштарын бүтүрүүгө убакыт беребиз, унаа бөлөбүз. Кой төлдөтүүнүн быйылкы жылдагы өзгөчөлүктөрү, төлдөй турган койлорду, козуну багуунун технологиясындагы өзгөрүүлөр, козуну кабыл алуу, оозантуу, энесине же башка койго телүү өңдүү бир катар маселелер боюнча сакмалчылардын тобуна адистер кеңештерин айтышат. Короодогу койлордун ар бири кайсы числодо кууттан чыгарылганы, эми кайсы числодо төлдөөрү эске алынып график түзүлөт.

Куутуна жараша ар бир койду төлдөтүү боюнча график түзүүнүн чоң мааниси бар. Кээ бир чабандар ушул кезге чейин эле «кой тууй баштады, сакмалчыларыңар кана?» дешип бүткүл бөлүнгөн жардамчыларын тезирээк жыйнап алууга шашышат. Кийин, төлдөтүү аяктаары менен жардамчыларынын баарын бир эле

күндө сылап-сыйпап узатып коюшат. Төлдөтүү мезгилинде бардык койлор бир күндө туубагандан кийин, акыркы жаш тууган кой, ошончолук арбып козулар жалгыз чабан менен анын үй-бүлөсүнүн караосуна калат. Алар үлгүрбөйт, иштин бир жагына бет алышса, экинчи жагы калат. Чабыр көбөйөт, өлө баштайт.

Эгерде куутуна жараша койду төлдөтүү бөтөнчө график түзүлүп, ал ар бир сакмалчыга чейин жеткирилсе мындай болмок эмес. Адатта биздин чарбада эгиз көп алына турган короодогу 50—55 баш соолукка бирден, эгизи азыраактарына — 60 башка бирден сакмалчы бекитилет. Ошондо, биздин короого жылына 10 дон, 11 ден сакмалчы келет. Жогорудагы график болбогондо биз кой төлдөтүү башталарда эле бардыгын алып келип алмакпыз да, алар короо тазалап, койго жем-чөп беришкенден башка жумуштары жок бекер жата беришмек. Анткени күзүндө койдун баары бир күндө уруктандырылган эмес. Куут койдун күүлөгөнүнө жараша 15—20 күнгө созулган. Демек төл да ошончо мезгилге созулат да. Муну эске алып, график боюнча, мен төлдөтүү башталган алгачкы 4—5 күндө эки сакмалчы менен гана иштешемин да, андан ары ар күнүнө бирден сакмалчыны жаңыдан алдырып келемин. Короодогу кой бүтүн төлдөп бүтүп, козулар чыйралган соң, ошол эле тартип менен сакмалчылар да кезектешип кетишет. Алынган козу эч бир чыгашага учурабай жатышынын көп себептеринин бири мына ушунда. Бизде кой-козуну караого үлгүрбөй калдык дегенди билбейбиз. Жардамчыларыбыз ар дайым жаныбызда. Анын үстүнө ушундай график менен иштөөнүн негизинде гана корообузда 15—16 адам — күнүн үнөмдөп калабыз.

Сакмалчыларга кой бекитүүдө баарыдан мурда ал адамдын жөндөмдүүлүгү, ушул ишке тааныштыгы, тажрыйбасы, учурдагы алы-күчү эске алынат. Кезектеги убактылуу күзөт келгиче 20—25 койго, анын ичин-

де 15—20 башы эгиз тууган болсо араң жетишет. Жаш сакмалчы үчүн биз 15 тен гана кой бекитебиз. Антпесе курулай делбектеп, ары жагына тартса бери жагы, бери жагына тартса — ары жагы калып, кайсы козусу эмизилгенин, кайсынысы эмизилбегенин унутуп, чыгымга учуратып салат.

Биз көп жылдар мурда канча сакмалчы келсе ошонун баарын чогуу иштетип, кимиси болбосун туш келди жумушту аткара берген мезгил да өткөн. Анда биз кээ бир жалкороок сакмалчылардын көпчүлүктүн шары менен жүргөнүн ыгы келген жерде баарынан көп иштеп жаткансып ооз көптүрө сүйлөгөндүгүн байкайбыз. Мындай адамдар айрыкча, короого жетекчи жолдоштор келгенде өзүн көрсөтө чыгышат. Ошондойлордун бирин көрсөм, күндөрдүн бириндe райондон келген адистин көзүнчө жолдошторун башкарган киши болуп бакылдап жатты:

— Наркы койду эмне коё бергенсиңер, тиги бөлмөгө чыгаргыла! Тоютту эмне мынчалык салгансыңар, карабаса эле ушинтишет. Тиги козу эмбей калган турбайбы, ичин карачы, кабышып турат. Он биринчи номерлүү козу кимдики, ал да эмизе элек көрүнөт, кап! Жыйырма бешинчи номерлүүнү карагылачы, кимики ал! «Бакпаса мал өлөт...» Бир аз күнгө чыдабайбызбы?! Чабан байкушка убал да, баарына кантип жетишет. Болгула! Кана!

«Оо, чабандын дурус жардамчылары бар турбайбы» — деген ойдо кетти тиги өкүл. Мен деле унчукпадым. Өз ишим менен алекмин. Бир кезде алиги сакмал тараптан бирөөлөрдүн катуу үнү чыкты: — Ой, эки жүздүү десе! Чондун алдында баарыбызга чоң сүйлөп, акылдуу болуп чыга келбедиң беле. Карасаң мунун эмки кылып турганын! — Көрсө тигинин берки кошунасы экен. Биз чогулуп көңүлүбүздү ошол жакка бурдук эле, ал ого бетер күйүп-бышып айтып жатты:

— Өкүлдүн көзүнчө сылап-сыйпап, кыйын киши бо-

лот да аны узатып салып, айтканын кара. Иши сөзү менен төп келбейт. Өлүп кетмек беле, азыр эле тоют бергенбиз, астын кургактаганбыз, жүргүлө дем алабыз дейт. Азыр эле өзү «тиги жер кургакталбай калыптыр» деп бакылдаганы кайсы. Он биринчи, жыйырма бешинчи козулардын эмизилбей калганын көргөнү кана? Андан да «Чабанга сен эле жак, ак жүрөгүм» — деп мага асылганын карасаң, ай. «Сен эле жакшы көрүнүп, сен эле эмгекти ашык ал, сен эле ударник бол», деп жанды кашайтып жатпайбы, мунунар.

Ошондон тартып мен сакмалчыларды баш аламан иштете берүүнүн пайдасы жок экенин көргөмүн. Бул бизге чоң сабак болду. Кой-козуга сууда тез эрий турган боёк менен номер салып, ар кимге өзүнчө иштегидей шарт түзө баштаганбыз. Рас, кээде бир үй-бүлөдөн бир эле кароого экиден адам сакмалчы болуп келет. Анда биз ал экөөнүн козуларын кошуна бөлмөлөрдө багып биргелешип иштегенине макулбуз. Ошондо да ар бирине бекитилген койго өзүнчө номер уруп, ар кимиси өзүнүкү кайсы экенин билгендей кылабыз. Болбосо кийин, эмгек акы жөнүндө сөз болгондо бул экөөнүкү башкалардан кемирээк чыкса эле, нааразылык башталат. Ар ким өзүнүн аткарган ишин билгендей эле, акысынын жыйынтыгын да өзү чыгаруу керек.

Өз малын кадырлаган чабан аны багууга келген адамдарды да кадырлайт, баарына бирдей карайт, эмгекти талап кылганына жараша сый-сыпатын көрсөтөт. Ымала келишпесе ээн төрдөгү жалгыз короодо ошончо адам кантип бирге турмак?! А кичинекей коллективдин бири бирине жасаган мамилеси чабандын калыс болушуна байланыштуу. Көп эле чабандарга мал төлдөтүүгө жардамга өз туугандарынан келет эмеспи. Аларды жакыныраак көрүп, ылам санап, имерилип, көбүрөөк жардам кылып, а түгүл башка бирөөлөрдүн койунан эгиз тууганын аныкына кошуп жаза койсоң чырдын башталганы ошол. Анда эле ишиндин оңолбогону дей

бер. Айталык, чабандын тууганы сакмалчысынын керт башынын көрсөткүчү дурус болсун. Ага өчөшкөн берки бир сакмалчыдан козу чыгымга учурасын, койлору чабырга айлансын. Акырында ким зыян тартты? Рас, бөлөк-бөтөн сакмалчы эмгекти аз алып, артта калгандардын тизмесине илинет, сыйлыктан куру калат. А чабанчы? Ошол артта калган көрсөткүч деле чабанга тиешелүү да .

Мындай учурда чабан төл алуудан гана уттурбайт, ал адамдын көңүлүн оорутат, жүрөгүнө кир калтырат. Чабандын бир ооз жылуу сөзүнө, анча-мынча камкордугуна татыбаган «бөлөк-бөтөн» сакмалчы «өзүнө жараша» мамиле кылат да кой-козуну, жалпы эле өндүрүштү мейлиге салат. Кийин андай адамды кайра тарбиялоо үчүн күч талап кылынат. Анткени ал акыйкатсыздыкты өз көзү менен көрүп, өз башынан өткөрүп калды да.

Койлордун канча төлдөөрү, сакмалчылардын качан келери-кетери гана көрсөтүлбөстөн короодогу бүткүл иштин ар бир сааты чагылдырылат. Сакмалчылардын кезек алмашуулары, козулардын абалына жараша эмизилүүсү, адамдардын дем алуусу, тамактануусу, короонун тазаланышы, малдын сугарылуусу өндүү процесстердин бардыгы графикте камтылган.

Бир сөз менен айтканда, адистер менен бирдикте түзүлүп, сакмалчылар менен күн мурунтан макулдашылган графикти жүзөгө ашырсаң ийгиликтин ачкычы колго тийди дей бер. Бирок ар бир адамдын кулк-мүнөзү, кыял-жоругу графикке байланышпайт экен. Мисалы, күндөрдүн биринде сакмалчылардын бири мага доомат койду:

— Баягы жылы мен тиги чабандын короосунда сакмалчылык кылгамын. Мындайды ким көрүптүр, өзү эле иштей берүүчү эле. Аялы да тың неме экен, биз анча-мынча эле жардам бергенбиз. Чабан өзү да сакмалчылардай эле кезектешип кошо иштешчү. Баарыбыз

тең эле уктап алуучубуз. Беш-он күнгө келген мейман катары жүрдүк анда. Тамак-ашы алдыбыздан кетпей дасторкону жыйналчу эмес.

Жаныбызда жаңыдан эле боор көтөрүп, алгачкы жолу сакмалчылыкка келген жаштар да бар эле, алар да угуп турушту. Чынын айтсам, эмне дээримди билбей калдым. Байкасам, өзгөчө тамак-аш жөнүндө айтканда алиги жаш сакмалчылардын бири да жийиркене түшкөн сыяктанды. Мен да ошол жерден:

— Рас, меймандай албай жатамын силерди. Ал да болоор. Бирок мен ичкенди ичип, мен жегенди жеп жатасыңар го, айланайындар. Үйдөн силер менен бирге чыгам, кечирээк барбасам, силерден эртерээк жетип дасторконго отурганымды көрө электирсиңер. Уйкум деле силердикинен аз болбосо, көп эмес.

— Кепке тамакты аралаштырып алганына ыңгайсыздана түштүбү, тиги уялгандай болду.

— Же мен өзүмчө өзгөчөлөнүп казан астырып жүрөмбү? — суроолуу карадым аркы жаштардын бирине.

— Жок байке,— кесе сүйлөдү алардын бири. — Курсагыбыз ток. Азыр эле ысык тамак ичип келбедикпи. Этсиз тамак ичпейбиз го.

Сакмалчынын доомат сөзүнүн бир бөлүгү чечилди көрүнөт, андан ары майдалабай эле, негизгисине өттүм:

— Анан, силер анча-мынча жардам бергени келгениңер жок да. Ар бир иште ар бир адамдын өзүнө тиешелүү милдети болот. Ошону аткаруу керек. Силер, жардамга келсеңер, а биз аялыбыз экөөбүз, тескерисинче, силерге жардам берет экенбиз да. Үлгүрбөй калган ишиңерге ансыз деле көмөктөшүп жүрбөйбүзбү? Бая күнү сен дежур болгондо канча жолу келдим жаныңа, канча козуну экөөлөп бирге алдык. Жалаң өзүм иштеп бүтүрө турган болсом, силерге эмне муктаждыгым бар эле?

Сакмалчынын бул доомат айтканы дурус болду. Эгерде аны мен укпасам калгандары, айрыкча жаш

сакмалчылар тескери пикирде калышы ыктымал эле. Муну эске алып, мен дагы кыйла сөздөрдү, өткөн-кеткенди, келечекти айттым. Жумуш кимики экенин, кой кимге тиешелүү экенин, чабандын, сакмалчынын милдеттерин түшүндүрдүм. Жогоруда айтылган «тил табышуудагы» оор нерсенин бир гана учугу иш үстүндө мына ушинтип чубалып калат да, иш үстүндө, адамдар менен бирдикте ушинтип чечилет. Ачык айткандан нааразылык болбойт. Ичке сактап жүргөндөн көрө бул сакмалчынын убагында айтып койгону бир эсептен дурус. А экинчи жагынан, эгерде дооматты мен укпасам, чарчап турган адамдардын кээ бири күдүк ойдо калышы ыктымал эле.

Курулай дооматтар, ич арадагы күнк-мынк сөздөр айрыкча жаштарга терс таасир тийгизет. Жаш адам өзүнүн табияты боюнча ишке илбериңки, айрыкча алгачкы жолу өндүрүшкө катышып жатканда ага өтө ынтызар. Анан, а дей электе чабан жөнүндө, ошол короодогу иш жөнүндө сакалдуу-көкүлдүү эле адамдан жаман сөз угуп калса, аны тез кабыл алат.

Рас, жаштар ойноок келишет, иштн аягына чыгарбай коюшу мүмкүн. Айрым чабандар мына ушуну эске алышат да жаш сакмалчылардан качышат. Баарыбыз жаш болгонбуз да. «Көрө көрө көсөм болосуң» дешет эмеспи элибиз. Жаштарга үйрөтүү керек. Антпесек эртең ким иштейт. Маселе жаштардын жаштыгында, тажрыйбасынын аздыгында эмес, өндүрүштү билбегендигинде, мындай иш менен мурда — кийин тааныш болбогондугунда. Кой туудуруп, козу алып, телчиткенди, эмизгенди ар бир адам эле биле койбойт да. Анын үстүнө бир чети чарайнаны тазалоо жийиркеничтүү болсо, экинчи жагынан жаш адам уялып-кысылышы закондуу нерсе. Кээде өз билбегенин бирөөлөрдөн сурагандан уялган жаштарды деле көрүп жүрөбүз.

«Жардамга келдиңби — иште, билбесең — үйрөнүп кел», деген чабандарды да кезиктирип жүрөбүз жаш

сакмалчыларга ороңдогон. «Кабыргасы каткан сакмалчыларды коё туруп, мен жаштарга жакындаймын. Алардын сырын тартып көрөмүн да, ушул ишке дилгир экенине көзүм жетсе жагдайды түшүндүрө баштайм. Эки адамдын максаты бир жерден чыкса «тил табышканы» ошол. Ишке тез үйрөнөт, көп убара кылбайт. Ар бир жаш сакмалчы менен өзүнчө аңгемелешкенде анын жөндөмдүүлүгү ачык көрүнөт, кийин аны көбүрөөк күзөткө коюу керекпи, койду тоюттандырууга чектөө зарылбы же башка ишке пайдаланууга болобу муну даана билип аласың.

Биздин короодо жаш сакмалчыга мен эле эмес, мурда иштеп жүргөн тажрыйбалуу сакмалчылар да көз болушат. Качан гана жаш сакмалчынын оюндагысы ишке ашканда «асмандан тилеген иши жерден табылгандай» болуп, жумушу өндүрүмдүү келет. Ошондо алар чарчаганды-чаалыкканды билбей эмгектене беришет. Купулуна толгон жумушу колго тийген жаш сакмалчы оюнга да, уйкуга да, ал тургай тамакка да кайыл. Мен мындай ишке дилгир жаштардын убагы менен тамактанып, убагы менен уктап, убакытты өндүрүмдүү пайдалануусуна көз боломун.

Менин оюмча жаштарды эмгекке тарбиялоо жөнүндө сөз козгогон кезде алардын эмгекке жөндөмдүү, эмнеге дилгир экенин чын жүрөктөн сырдашып билсек да, анан тандап алган жумушунун жеңиштүү болушу үчүн жардам көрсөтсөк. Антпесек, ишке канчалык дилгир болгону менен, жаңы эле баштаган өндүрүшүн ийне-жибине чейин биле койбогон жаш адам алгачкы кыйынчылыктарга туруштук бере албай каржалып калат да, экинчи анын ал жакка баскысы келбей коёт.

Эмгекке жаштарды үйрөтүүнүн дагы бир жагы тажрыйбага машыктыруу. Мында деле биз өтө сак болобуз. Анткени жылдардын биринде жаш малчыны дурус деп эсептелип жүргөн сакмалчыбыз менен иштөөгө макулдашылгандан кийин кызык окуяга дуушар бол-

гонбуз. Кажагай тартып калган тиги сакмалчы үйрөтүмүш болуп, жаш сакмалчыны эң оор жумушка сала салат экен. Андай түгүл жөнөкөй эле ишти аткарууга көнүгө элек жаш адам бекерден бекер түйшүктөнөт, кээде бир нерсе жасамыш болуп тура берет, кээде таптакыр ал жакка баруудан баш тартат экен. Муну байкаган соң дароо жаш сакмалчыны «курулай түйшүктөн» куткардык деп ар кимисинин милдетин ажыратып бергенбиз. Кийинчерээк ,ишке көнүгүп кеткен соң жаш сакмалчы кандай оор жумуш болсо деле чын дили, өз эркы менен аткарып «устатына» көмөк көрсөтүп жүрдү.

Бир сөз менен айтканда, курулай эле «тарбиялоо» деп кыйкыра берүүдөн эч нерсе чыкпайт. Тарбия, айрыкча жаш адамдын тарбиясы, жөнүндө сөз болуп жаткан учурда ага көрүлгөн камкордукту эске алуубуз керек. Баса көрсөткүм келет, жаштар ошол камкордукка көзү жеткендей болгондо гана максатыбыз ишке ашат.

«МАЛ ТАПКАНДЫКЫ ЭМЕС, БАККАНДЫКЫ»

Адамдардын бир бирине болгон мамилеси, керт башынын кыял-жоругу, жүрүш-турушу, бирине бири жардамга келүү, тарбиялоо, үйрөтүү маселелери, жогоруда айтылган сыяктуу, атайын көрсөтүлбөгөнү менен айлана-чөйрөгө таасирин тийгизбей койбойт. Өз кезегинде өндүрүштүн ийне-жибине чейин негиздүү түзүлгөн график да адамдардын өз ара мамилелерин аныктоочу нерсе. Мен бул жерде ошол графиктин аткарылышына, кой-козунун багылышына байланыштуу маселелерге токтолгум келет.

Канча кылса да чабан короодогу бардык ишке жалгыз өзү жетише албайт. Мында адамдарга ишенүү, алардан талап кылуу, тажрыйбалуу сакмалчыларга таянуу зарыл. Булар чабандын уюштургуч жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу. Өз милдеттерин дурус билген

сакмалчылардын коллективин бириктирип, «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», алардын күч-аракетин жалпы ишке багыттоо — чабандын бирден-бир милдети.

Айталык, биздин графикте смена алмашуу мезгили, козуларды суткасына саатка бөлүштүрүп эмизүү алардын алсыздарын тез-тез эмизүү, сакмалчылардын тамактанар убактысы, короону тазалоо, койго тоют таркатуу, сугаруу өңдүү иштер каралган. Ушул процесстерди жүзөгө ашырууда ойго келбеген кыйынчылыктарга дуушар болобуз: бирөөлөр сыркоолоп калышат, экинчилеринин жумуштары чыгат, кээ бирөөлөр иштеп турган ишин унутуп калышат. Ал андай эле, бул мындай эле, деп шылтоо таап буларга көз жуумп койсок жылдык эмгегибизди ал эки саатта гана жокко чыгарып таштаар элек. Ошондуктан биз графикти аткарууда үзгүлтүккө учурабагандай кылып адамдарга камкордук көрүүдөн, бири бирине күйүмдүү болгудай кылып тарбиялоодон баштайбыз. Короо ичинин тазалыгы, жарыктыгы, нормалдуу жылуулугу да өндүрүшкө, иштеп жаткан адамдарга жакшы шарт түзөт.

Илимге жана тажрыйбага негизделип түзүлгөн графиктин так орундалышына контролдук кылуу чабандын түздөн-түз милдети. Мисалы, короо ичинде электр жарыгынын нормалдуу эместиги сакмалчыларды тез чарчатып, адам бир нерсеге урунат, мүдүрүлөт, тайгаланып жыгылат. Жарык жерде кой да жакшы жуушайт. Козусу жөнүндө кам санабайт козу да тынчы кетпейт, энесин көрүп турат. Менин оторумдагы койлордун ар жүзүнөн жыл сайын 180 ден козу алынып жатышына электр жарыгынын короодогу нормалдуу болушу таасирдүү. Эгерде бардык жерде бирдей жакшы, жарык болбосо кой-козулар шоолалуу жакка бет алып, бирин бири тебелеп, маарай беришет. Сакмалчы да өзүнчө бушайман болуп, темселеп жүрүп жумушун арбытпайт. Кийин сакмалчы менен чабан бирин бири

күнөөлөйт, кээде экөө биригип электр жарыгын жетишсиз берген адистерге нааразы болушат. А короодогу койдун төлдөшү жарыктын бар-жогуна карабай улана берет, сакмалчы кайсы козу эмчек эмгенин билбей башаламандыкта калат. Натыйжада чыгым көбөйөт.

Койдун ийгиликтүү төлдөшү, алынган козунун аман асыралышы үчүн короодогу абанын температурасынын нормалдуу болушу чоң мааниге ээ. Имарат ичи суугураак болсо козунун эмген сүтү сиңбей күптүү болот, көп учурларда суу чычкакка айланат, өпкөсүнөн сезгенет. Ал эми өтө эле ысытып жиберген учурларда койкозунун өз сийдигинен, анын алдына төшөлгөн кыктан аммиак бөлүнүп чыгат да, жаш төлдүн көзүн кычыштырып, демин кыстырат. Бөлмө тар болсо мындай мезгилде козу ууланат. Өтүшүп кетсе уккан козу мал болбойт.

Мына ушуга байланыштуу мындан бир эки жыл мурда болгон окуяны эскере кетейин. Мен короо сыртында учурдагы иштер менен алек болуп, ичке кире элек элем. Шаша басып келген жаш сакмалчы энтигип, мага кайрылды:

— Эки козум жаман болуп атат байке, буттары шалактап көзү ачтарылып бараткансыйт.

Сакмалчы экөөбүз шашып жетип келдик бөлмөгө. Эртең менен энесин эмбеген эки козунун тең ичи бөксөргөн (сүтү сиңген сыяктуу), бирок көздөрү кылгырып, буттары өз салмактарын көтөрө албачудай шалактайт. Калган бөлмөчөдөгү сегиз козу деле энелерин эмгени менен алсызыраактай көрүнөт.

— Ой, айланайын, муну эмне жылчыксыз бүтөп салгансың? — дедим мен терезеге жаңсап. — Козу эмес өзүбүз уулукчудай болуп турбайбызбы. Тезирээк бөлмөнү желдет.

— Күн суук тартканынан эле жылуулап койдум эле.

Жаш сакмалчы калдандап барып кичине бөлмөчөсү-

нүн үстүн ачты. Козуларын убара менен эптеп ирдеттик. Бизге ал чоң сабак болду. Ошол сакмалчы азыр деле бөлмөчөнү жылуулоо жөнүндө кичине сөз козголсо эле өз башынан өткөргөнүн кайталап кирет. Козу киргизген кичине бөлмөчөнүн жылуулугу +20+24° болгону ылайыктуу.

Абанын температурасынын өзгөрүшү да жаш малга таасир тийгизет. Ошондуктан ирденген козуларды энеси менен бирге сыртка чыгарганда өтө сактык керек. Биз козуларды энеси менен бирге күн ачык, жылуу мезгилдерде, желден ыктоо жерлерге, белгилүү убакта гана чыгарабыз. Күн бүркөлүп шамал согуп турган болсо короодо кармаган оң.

Кой-козуну таза абада жаюу үшүн жалаң гана сакмалчыларга жүктөп коюуга болбойт. Сыртта абанын температурасы кандай болсо да сакмалчы жаңылыштык кетирип коюшу ыктымал. Мисалы, күндүн жылуулугун шылтоолоп, кой-козуну көпкө чейин жайып жиберип, кээ бир сакмалчылар өздөрү да күн чубактап, талыкшышат. Боорун ысыкка кактап, жуушаган жаш төл чанкайт да сугарганы келгенде алынын барынча аптыга суудан жутат. Анан ысык өтүп чычкактаган, муздак суу ичип, түйнөк болгон козуларды көрүп ал. Кээ бир тоютту жакшы жеген козулардын оозунан көбүк агат, буттары тырышып, тумшугу менен жер сүзөт. Ысыган дене муздак сууга тез муздаган себептүү өпкөгө суук тиет. Айрым учурларда малды таза абага чыгаруунун эрежесин билбегендиктен улам жаш козуну массалык чыгашага учуратып алган кокустуктар кезигет. Биз «күн жылуу болуп турат» деп узак убак бою кой-козубузду тышка жайып жүрө бербейбиз. Күн сайын жаш козу үчүн адеп чыгарганда үч саат салкын абада болгон жетиштүү. Ошонун өзү эле жаш малдын чың денелүү өсүшүнө, тез ирденишине, эмген сүтүн жакшы сиңиришине жардам берет.

Кээ бир короолордо, айрыкча жаан-чачындуу күн-

дөрдө чылаланып, мал түгүл адам басып жүрүүгө мүмкүн болбой калганын көрүп жүрөбүз. Бул кечирилгис күнөө. Чыныгы малчы андай кылбайт. Жаан-чачын, короону айрыкча төл алынып жаткан мезгилдеги короонун чыла тартып кетиши шылтоо эмес. Короонун чыла түгүл өтө нымдуурак келишинен кой ара туурт, жаңы туулган козунун жаткан жери нымдуу болгондуктан өпкө-бооруна суук тиет, киндиги зилдеп, ички органдарына өтөт, эмген уузун сиңире албайт. Андай козу нормалдуу туулган учурда да эртеси энесин эмүүгө алы келбей, көзү кылгырат, бели бүкчүйүп, жүнүн үрпөйтөт. Убара менен мал кылып алганда деле кийин мындай козу өсүүдөн артта калат, жүнү, чыйрак болбойт, аз эле табитинен тайытсаң жөткүрүп, тоютка дити тартпай, эттенбей туруп алат. Ымыркайынан ыланга чалдыккан козудан мындан башка дурус нерсе күтүүгө болбойт.

Бизде тууттун астында сакмалчылардын официалдуу семинарларын чакырып, чогулуш өткөрүп атайын маселе талкуулап, токтом жазып иш чара кабыл алынат. Кой төлдөтүү кампаниясынын мезгилинде чабандар арасында пикир алмашууда шарт да, убакыт да жок. Бирок ар бирибиздин оюбуз, жасай жаткан ишибиз, алып жаткан жана баккан козубуз өндүү көп маселелер баарыбызга ачык-айкын. Жалпы ишке терс таасирин тийгизүүчү мүчүлүштөр ошол замат ачык айтылып, сакмалчылардын бардыгынын талдоосунан өткөрүлөт. Кайсы сакмалчынын жакшы иши болсо да башкаларга үлгү болчудай кылынып жайылтылат.

Графиктин талаптарынын орундалышы эмгек тартибинин чың болушуна байланыштуу нерсе. Кой төлдөтүү башталып, сакмалчылардан атайын күзөт тургузулгандан тартып эле бизде ар кимдин өз милдетин так аткаруусуна контролдук уюштурулат. Койдун чарайнасы жарылып, козунун тумшугу көрүнөөрү менен тез жардамга келебиз. Ошондо кой чыйралып, жанындагы

адамды караан туткансып оңой тууйт. Козу жерге түшөөр замат тумшугун, туяктарын сыдырабыз, өз алдынча эркин дем алганга чейин жанынан чыкпай энесин жалатабыз.

Козу алуунун андан кийинки процесси — оозантуу. Мында балыктын майын колдонуунун илимий түрдө негизделген жолу бар. Бирок «жакшы» деп эле айрым чабандар, сакмалчылар балык майын көбүрөөк берип таштаашат да ансыз да алсыз козуну жилбик кылып алышат. Кийин андай козуну ирдентүү үчүн көп аракет керек.

Биз өз практикабызда козуну сары май менен оозантып жүрөбүз. Жаш төл аны тез кабыл алат, нормалдуу дем ала баштагандан тартып сары майды чопулдата соруп кирет. Козу олбурлуу, чоң төрөлсө аны оозантуу үчүн бир чай кашык, алсызыраак болсо (айрыкча эгиздерн) — эки, кээде үч чай кашык сары май жумшалат. Балыктын майына караганда сары майдын артыкчылыгы ичегиге тезирээк өтүп, каткан туңгактарды майлантып, бат эле чыгарууга көмөк береринде. Жаш козу сары майды тоют катары алып, чопулдата соргондуктан таңдай, көмөкөй, тил аӣдындагы бездер тез иштейт. Ошондуктан энесинин эмчегин да тездик менен сорот.

Оозантуу менен бирге козуну энесин эмизүүгө аракет жасоонун чоң мааниси бар. Айрым учурларда козу телчигенди күтүп эмизбей койгон фактыларды көрүп жүрөбүз. Бул туура эмес. Энесинин ичинен, дайыма бир калыптагы жылуулуктан түшкөн жаш төл үчүн канчалык эне сүтүн тез эмсе, ошончолук жакшы. Эне сүтүн эмизүүнү кечиктирүүдөн улам анын ичи көбөт, кызыл эт неме кадимкидей титиреп үшүйт,ичине жел толуп куркурайт, кийин эмген сүтүн сиңире албайт, суук тез тиет. Демек, оозантууну майда-чүйдө нерсе катары кароо, кийинчерээк көп түйшүктү талап кылуучу бекер убарага дуушар кылат.

Бул жерде мен сары майдын козу оозантууда айрым артыкчылыгын айттым. Бирок мен балык майын колдонуудан баш тарталы деген пикирден алысмын. Ал да практикада өзүн-өзү актаган, ар кимибиз аны өз ишибизде байкап деле жүрөбүз. Маселе анын нормасын билип берүүдө турат. Нормалдуу туулган жалкы козу, мисалы, энеси толук тойгуза алат, алдуу-күчтүү келгендиктен балык майы менен оозантса деле туңгагын өз маалында бөлүп чыгаруусу жөндөмдүү. Баарыбыз эле көрүп жүрбөйбүзбү, балык майын жаш козу сары май сыяктуу чопулдата соро албайт, эмнегедир жұткусу келбей кежирленет.

Өз тажрыйбамда байкагандарымды айрым чабандарга айтып, кеңешип көрдүм. Аз өтпөй колхоз жетекчилеринин бири мага мындай деди:

— Козу оозантканга сары май дурус дептирсиз. Бир топ чабандар балык майын алуудан баш тартышып, сары май талап кылып келишиптир. Кандай кылабыз? Чарбада андай мүмкүнчүлүк жок да, өзүңүз билесиз.

Бир чети башымдан өткөндөрдү ортого салсам кээ бирөөлөр түшүнбөгөнүнө, экинчи жагы өзүмдүн байкабастыгыма ыза болдум. Менин оңтойсуздана түшкөнүмдү «өкүл» да байкады көрүнөт, сөзүн улады:

— Биз чындыкты билели дедик. Эмне үчүн балык майынан баш тартасыз? Сары майдын артыкчылыгы эмнеде?

— Же чабандар, же сиздер менин оюма туура түшүнбөй жатасыздар көрүнөт,— дедим мен. — Биринчиден, мен козу оозантууда балыктын майынан эч качан баш тарткан эмесмин. Азыр да аны ийгиликтүү колдонуп жатабыз. Мен аны төгүп-чачып азыраак же «төгүп алдык» деп көбүрөөк берип алып, кээ бирөөлөр козуларын жилбик кылып жүргөнүн айткам. Андан көрө сары май зыянсыз экенин, өлчөөсүнөн жаңылууга болбой тургандыгыбызды эскерткем. Эң башкысы сары

майды жаш төл өтө тез кабыл алаарын, чопулдата соруп, андан кийин энесинин эмчегине бат көнүгөөрүн, туңгагы тезирээк түшөрүн, аны айрыкча алсызыраак козуга берүү максатка ылайык экенин эскерткемин.

— Эмесе бир тобу келип, Таштанбек сары май менен козусун оозантат экен, бизге балыктын майын берип коёсуңар, деп жатышат.

— Сары майды кайдан аларымды да айткан өңдөндүм эле. Мисалы, менин короомдогу 500 баш койдун козусун оозантуу үчүн 20—25 килограмм сары май керектелет. Мен аны эч кимден сураган жокмун да. Коюң семиз болсо, козусун бөлгөн мезгилде деле сүтү тартылбайт. Алың жетсе үч-төрт күн бир маалдан саап алсаң эмне деген май түшөт. Эртең эле кой төлдөтүү кирип келерин эске алган чабан үчүн бул ичкен ашындай нерсе эмеспи. Мен оюмду ортого салган чабандардын айрымдары силерди кыйнап койгондору үчүн кечирим сурайм. Бирок бул маселени чогуу олтуруп чечип алсак дурус болор беле дейм.

Арадан көп убакыт өтпөй колхоз башкармасы менен партиялык уюму тармактар жана участоктор боюнча малчылар менен кеңешме өткөрүштү. Козуларды оозантуудагы көп жылдык тажрыйбамды мен официалдуу түрдө ортого салдым. Кийин эгиз тууй турган соолуктарды, жүнү нормалдуу узундуктагы чыйрак койлорду өстүрүү үчүн жаш төл алынары менен анын камын көрүүнүн зарылчылыгын да айтып бердим.

Адеп келген күндөн тартып биздеги сакмалчынын иши күзөттөн башталат. Ошол күнү өзү төлдөткөн козулардын бардыгына ал өзү аягына чейин ээ болот. Күзөт туут бөлмөсүндө өтөт да кезектеги сакмалчы аны алмаштырууга келери менен өзү кабыл алган жаш төлдү бүткүл кой төлдөтүү кампаниясы бүткөнгө чейин бекитилген атайын бөлмөгө чыгарып кетет. Сакмалчынын мындай негизги күзөтчүлүгү он биринчи күнү кайталанат.

Мындан тышкары сакмалчылар төрт звеного бөлүнгөн. Ар бир звенодо үч сакмалчы болот. Алардын бөлмөлөрү бири-бириникине жанаша жайгашкан. Негизги күзөтчүлүк звенолордун кезеги боюнча уюштурулгандыктан бир сакмалчы күзөттө турганда эки шериги анын мурдагы козуларына көз салып, көмөк көрсөтө алышат. Бүгүн бирөөнүн жардамын көрүп турган сакмалчы кийин кошунасы күзөткө турган күнү көмөк берүүгө даяр. Анын үстүнө негизги күзөт экинчи кайрылып келгиче биринчи күзөткө кабыл алган козулар ирденип, текшиленип да калат эмеспи.

Он бир сакмалчынын бирөө кой тууганда, сакмалчылар бошобой жатканда тоют таркатуу, короо тазалоо өндүү иштерди аткарып, кийин жалкы козулуу койлор сыртка чыгарылгандан тартып — чоң сакмалчы болуп калат. Ал жана жалаң гана козу отуктурууга чектелген сакмалчы экөө бир звенону түзүшөт.

Ар бир звенодо эгиз козулар өзүнчө бөлүнөт. Аларда да дежурлук уюштурулган. Козу он-он эки суткадан кийин мал катары болгон соң оттуктурула баштайт. Эгиз козулар багылган бөлмөнүн ичи бүт чакан бөлмөлөргө бөлүнгөн. Ар бир клетка ичине козу эмизээр жана сакмалчы тамактанаар мезгилде төрттөн гана козу киргизилет. Андан ашыгыраак болсо, ансыз деле начар козулар бири бирин тебелеп жиберишет. Бөлмөлөрдүн арасында (бөлмөнүн ортосун жара) ачык калтырылып, ага аштоолор коюлат. Аштоолордун бирине, чөп, экинчисине жем, үчүнчүсүнө түз, бор, сөөк уну жана башка витаминдер, макро жана микро элементтер салынат. Бул тоютту аштоонун түбүнө гана кичинеден улам себелеп турбаса, биринчи салганда эле көп салса козу ары-бери секирип ныктап — булгап жакшы жебей коюшат.

Мен Талас, Ош областтарынын, Чүй өрөөнүнүн айрым жерлеринде болдум, чабандар менен аңгемелештим, сыр чечиштик. Ленинполь районундагы атактуу

чабан Базылбек Айтбаев менен да жолугуштум. Негизинен ал жерлерде табийгы-климаттык шарттарына жараша козу отуктурууну негизги процесстер катары эсептешпейт. Анткени жазгы кой төлдөтүү убагы аларда март айынан башталып, эрте эле көккө тоюп калышат тура. Албетте мындай учурда козу отуктуруу үчүн аштоо коюп, чөп-жем салып, түйшүктөнүүнүн кажети жоктур.

Биздечи? Тоң районунан, биздин колхоздун жеринин көп өзгөчөлүктөрү бар — кыш эртерээк түшүп, суук катуу, жаз кеч келет. Кээ бир жылдарда 20-июнга чейин коюбуз тойбойт. Мал баары бир колго карай тургандыктан кой төлдөтүүнү кышында өткөрүү биз үчүн пайдалуураак. Баары бир убарабыз да. Ал эми эртерээк төлдөтүүдөн эмгегибиз кайтып жүрөт. Бирок жем-чөп жеген айрым карыган кой тез кактыгып, ылдамыраак байыйт. Ошондуктан, козусун тезирэк отуктурууга көнүктүрбөсөк чабыр көбөйүп, чыгымга учуратып алар элек. Колдон тоют жеп көнүп калган козу кийинчерээк энеси менен бирге кадимкидей көк кубалап, бат эттенет.

Биздин короодо «кой арыктап кетти, козу чабыр болду» деген сөздөр аз кездешет. Бул сакмалчылардын үзүрлүү эмгегинин натыйжасы. «Мал семизи малчыдан» деген ушул эмеспи.

«Ар жүз койдон 180 ден ашырып козу алууга мүмкүнбү?» Менин көрсөткүчтөрүмө ушинтип ишенбөөчүлүк менен карагандар бар. Андайлар өзүбүзгө окшогон чабандардын арасынан да чыгат. Эми ошолорго сабак боло турган төмөндөгүдөй окуяларга токтоло кетейин.

УПЧУЧУ КОЗУ

...Көрүнгөн койдун артынан чуркап, желинге жетсе бир соруп, же сүздүрүп, жетпесе кайра тартып, башка койго асылган козу. Теги эле үнүн чыгарып маарабас-

тан чуркап барып, токтоло калган койдун эмчегин сорот. Буттары узаргансып, курсагы чыгып, мойну ичкерген, этинен түшкөн, үрпөйүп, койдун тынчын алганы аз келгенсип, сакмалчынын этек-жеңин жалмалайт, кимди көрсө ээрчий берет.

Бул упчучу козу. Ал жетим калган, же энеси жерип, эмизбей койгон, же энесинин сүтүнө тойбогон соң упчу менен сүт ээмп, камыр жеп өскөн козу. Бирок, айла кеткенде козуну аман сактоо үчүн көрүлгөн аракеттин натыйжасында тиги упчучу атыгып калган. Бул мал болуп деле жарытпайт, барган сайын кой сүзүп, сакмалчы эмизип жатканда чуркап барса кагып жүрүп, чүнчүп бүтөт, арыктайт, жел курсак болот.

Биздин сакмалчыларыбыздын эң башкы милдети козуну упчуга көндүрбөө. Бул үчүн бизде кандай аракеттер жасалат?

Албетте туутта ар бир койдун өзгөчөлүгү болот, бирдей эле шартта багылып, бирдей эле тоюттандырылган ар бир кой козуну ар башка кабыл алат, биринин желини толо сүт болсо, экинчисиники жокко эсе. Кээ бир койлор өлчөөсүз чоң желиндегени менен козусун оозантканда ууз чыкпайт. Мындай койлордун сүтү эки-үч суткадан кийин пайда болот. А кээ бир кой желини толо электе эле төлдөп коет. Начар багылган арык кой желиндебей туруп тууп коюшу мүмкүн. Карап турсаң кары тартып калган койлор чоң желин деп, эмчегин сүт тебе жууйт, бирок төрт-беш күн өтпөй кактыгып, байып кетет.

Койду туутка даярдоо мезгилинде алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзөбүз да толгоо башталып, козу алынганга чейин аны үйрөнүп бүтөбүз. Мисалы, туут бөлмөсүндө бир эле мезгилде үч кой толготуп турат дейли. Үчөө тең башынан мага тааныбыс. Күзөттө турган сакмалчыга мен алардын кыялын мүнөздөп беремин. Тиги биринчиси адатта эгиз тууйт, козусун жакшы кабыл алат, баласаак. Бирок кээде

козусун жалап жатып, куйругун чайнап, а түгүл киндигин чубап жибермеси бар. Ошондуктан андай койго өтө сак болуу керек. Козуларын алмаштырбастан өзүнө эмизүү зарыл. Тек гана төлдү халат сымал бир несеге ороп, энесине башын, мойнун жалатып койгон оң. Ал, оролуу жаткан козусун тебелеп да жибермеси бар. Андай койго дайыма көз салып, козусун оозанткан соң, бөлөк клеткага киргизип, маал-маалы менен эмизген дурус.

Айталык, экинки кой бул жолу жалкы туйт. Адаттагысындай быйыл да желини толук (сүттүү эле). А андан аркы эгиз туучу койдун сүтү кем, желини кичине, эгиз козуга жетчүүдөй эмес. Бир мезгилде тууган эки койдун үч козусун жакшы мал кылуу үчүн биз өз козуларын энелерине көрсөтпөйбүз да, алмаштырып жалатабыз. Жаңыдан эле жалкы тууган кой, мисалы, тиги жаңы туулган эгиз козунун чарайнасын жалап, ошол бойдон эне болуп калат. Жалкы козуну берки эгиз тууган кой деле ошондой эле кабыл алат. Эгиз козунун бирин өз энесине калтырып, экинчисин жалкы тууган койго экинчи козу кылып телүү үчүн көп убара тартуу керек. Анткени эки козуну жыты эки башка да.

Күндөлүк күзөткө турган сакмалчыларыбыздын бул өңдүү аракеттери кой эмизүүдө кандайдыр бир ыңгайлуулукту камсыз кылат да отордогу төлдүн тез жана бир кылка ирденишине жол ачат. Антпесек жогорудагы эгиз тууган кой эки козуну сүттөн өксүтөт, балким кийин чабыр козу алмакпыз, балким жаштайынан бири же экөө тең өлүп жок болмок. Сүтү аз койдун эгиз козусун сүттүү койго телип сүтү азына жалкы козуну калтыруу менен биз уузга тойгон, тез отуккан, ден соолугу чың кой өстүрөбүз.

Короодогу бүткүл иш дайыма эле күзгүдөй сонун болуп жаркырап турат деп айта албайбыз. Кээде «өөдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат» бизде

деле болот. Менимче адам болгон, иш болгон жерде кемчилик болбой койбосо керек. Мисалы, короок таза, тоютуң кенен, коюң эттүү туут жакшы башталды дейли. Ошентсе да кээде бир суткада туулган козулардын баары сүткө тойбогон, энелеринен сүт чыкпаган учурлар кезигет.

Мындайды мен айрыкча ай арасында, аба өзгөргөн кездерде көбүнчө байкап жүрөмүн. Жаш төлдүн тагдыры үчүн бул өтө коркунучтуу. Көпкө оозанбаса анын ичине жел толуп, көбө баштайт. Тажрыйбасы аз сакмалчылар мындай учурда «курсагы ток экен эмгиси келбей жатат», дешип мейлиге салып коюшат. Анын натыйжасында эмчек соргонду билбей тилин чайнайт, убакыт кыйла өткөн соң ачка болгон, эптеп оозанган козу аптыгып эмет да сүтүн сиңире албайт. Баятан аба ээлеп алган ичеги сүттү кабыл албай чуркурайт, ич көбөт, ичеги түйүлөт, түйнөк болуп чабалактайт.

Ушундай учурда жогоруда айтылган сары майдын маанисн баа жеткис. Оозантканда сүткө тойбогон козуга башка тыныраак козулардан эки эсе көбүрөөк май жалаткан оң. Биринчиден, сары майды козу тоют катары кабыл алат, ага кубат болот. Мындай козу оозанаар замат эле эмчек издегенге аракет кылат да энесине салаар менен тез эле чопулдата соруп кирет. Акырында сары майдын ошол дозасы ичегинин ички кырындыларына чейин тез майлап сүттүн аны тезирээк ээлеп, желди жана кара туңгактын сүрүп чыгышын камсыз кылат. Кийин андай козу тез ирденет, оюн салып, эти тирүү, жүнү жалтырак келет.

Мындан тышкары биз бир күн, эки күн мурда, жаш тууган сүттүү койлордун желинине өз козуларынан бир аз сүттү үнөмдөй эмизебиз. Кой кара желин тууган учурда жаш козуну мына ушундай койлорго салып эмизе коёбуз.

Айлабыз кеткен учурда кара койдун козусуна уйдун бышырылган жаңы сүтүнө сары май сапырып беребиз.

Уйдун сүтү козунун абалына, аны сиңире алышына жараша, өз энесинен сүт чыкканга чейин курсагы ачпагыдай өлчөмдө берилет. Эскерте кетүүчү нерсе уйдун сүтүн жаңы туулган козуга чийки бойдон берүүгө болбойт. Анткени абада турган чийки сүт кычкылдуу келет, ууздагыдай витаминдерге, белокторго, майга бай эмес. Жаңы эле жатындан түшкөн жаш организм үчүн өз энесинин уузун эмүү пайдалуу.

Койлордун жана козунун абалына жараша телүү туут бөлмөсүндө эле бүтө калбайт. Аны кийинки бир-эки сутканын ичинде деле уланта беребиз. Бизде жаш төл оозантылары менен энесинен бөлүнүп, чакан, жылуу бөлмөгө коюлат. Энелерин байкап туруп, жоош, жашыраак, желини жумшак, сүттүү кой болсо, ага энесинин сүтү начар козуну телип коёбуз. Жатын чалмасын жана куйрук алдындагы чарайнанын калдыкчасын козуга сыйпаганда (үч-төрт жолу кайталаса жетиштүү) баласаак кой өз козусу сыңары эмизе берет. Койдун жытын биз козунун куйрук алдына жана киндигине сыйпайбыз. Кой эмизээр алдында эң мурда козусунун ошол жерлерин жыттап, тааныйт эмеспи. Кээ бир койлор өз жытын (өз козусунун жытын) ажырата албайт. Оозантаар замат козуну энесинен ажыратып, башка коюп коюунун маанисн ушул жерде көрүнөт. Мындай койго энеси тойгузбаган козуну телип коюу оцой да.

Айрым суткаларда тууган койлордун дээрлик баары тең жакшы желиндеген, үрпүнө сүт толгон болот. Мындай учурда биз жалкы туулган козуну тең салмактап, кичине-чоңдугуна көз жүгүртүп, ал эмес окшоштугун баамдап туруп сүттүү койго эгиз кылып (тел эгиз деп коёбуз андайды) салып жиберип, бир эненин башын бошотуп алабыз. Анан ага мурда туул, эгиз козусун тойгузалбай жүргөн койдун бир козусун телип жиберебиз. Рас, ал ирденип калган, мурда ууз эмген козу. Бирок жаңы тууган койдун чарайнасын куйруктун чал-

масына, киндик тарабына сыйпап койсо тиги кой аны жаңы туулган өз козусу катары кабыл ала берет.

Эгиз козусун ээрчитип, жакшынакай эмизип жүргөн кой күндөрдүн биринде эле эгизинин түгөйүн жерип калган учурлар да кездешет. Бул эгиздин бирөөнүн чычкактап, же сыз, чыла жерге батып, башка жыт сиңип калышынан болот. Ошондой эле шашып жүргөн сакмалчы, байкабастан эки козусун эки башка клеткадагы козуларга кошуп жиберишинен да кой козусунун бирин, кээде экөөн тең жерийт. Андай учурда биз жерилген козуну, жогоруда айтылгандай, картая тартып, тез кактыгып кеткен койго телүүгө аракет кылабыз. Анын козуларын жаш койго телитебиз. Башка козу телүүдөн мурда мындай койдун курсагы тойгузулат. Аны сабап, тепкилеп жибербөө керек. Тескерисинче, сылап-сыйпап, кой козуга жардам берип, биринин жыты бирине сиңгидей мамиле кылуу зарыл. Ашып кетсе бир жума убараланасың. Эмгегиң кайтат — кой өз козусу катары эмизип кетет.

Кактыгып кеткен койлордун эгиз козусун жаңы туугган койго телүү бир башка. Мындайда мурда эгиз туун, эгиз козу эмизип жүргөн желиндүү, сүттүү койлорду эгер алар быйыл жалкы туун калган болсо, ошого салабыз. Андай кой жалкы тууру менен телинүүчү эки козу (ирденип калган козулар) чарайнага бүт денесин булгап, абайлап буттарын тушап, бастырбай, койго жалатылат. Анан эки козуну тең бир мезгилде чечип, ууз эмизебиз да өзүнчө бөлмөгө киргизебиз. Мурда сүткө тойбой жүргөн козуларды эмизүүдө сак болуу керек. Ачыгып калган козулар алынын келишинче соро берип, жаңы тууган койдун желинининн назик бездерин жанчып ташташы мүмкүн. Ошондой эле уузга дагы бир жолу чоң тойсо, кара көңүл болгон немелер күптүү болот, эмген уузу сиңбейт, ичи өтүп күндөн-күнгө начарлай берет.

Эгиз козу телинген койдун мурдагы өз козусун биз

мурунку өз энесине окшош жалкы козулуук ойго же ошол козуга жеткидей сүттүү башка эле бир койго телип жиберебиз.

Чабан менен сакмалчы биригип мына ушундай иштегенде гана «упчучу козу», «жетим козу», энеси жерип эмизбеген козу отордо болбойт. Жалпы эле койдун жана козунун абалына жараша телип эмизүү отордон чабыр козу чыгарбайт. Биз бир сакмалчынын күзөтүндө текшилеп телүүгө үлгүрбөй калсак, анын экинчисинде текшилөөгө аракеттенебиз. Зарыл деп тапсак сакмалчынын козуларынын жалкы туулгандарын улам бир койго телип олтуруп, ортодон дагы бир тууган койду бошотуп алабыз да, жериген же жетим козусу бар кошуна сакмалчыга беребиз.

Ушул жерде чабандын калыстыгы жөнүндө дагы бир жолу кайталагым келет. Эгерде чабан ар бир сакмалчыны «өзү иштеген ишине өзү жооп берет» деп көз жаздымга салып бардык сакмалчыга бирдей мамиле жасабаса — кимге зыян? Сакмалчы кетет, кийин азабын чабандын өзү гана тартат. Ынтымактын уюткусу болгон чабандын сакмалчылары өз ара жардамдашып, түшүнүшүп иштешкенде гана кой, козуң да чыгашасыз, семиз өсөт.

Козуларды текшилеп телип эмизүүдөн биз бул эле эмес, көп нерселерди угабыз. Мисалы, кой жалкы тууса деле биринин козусу чоңураак, экинчисиники кичирээк түшөт. Эгиз козулар деле ошондой кээ бир түгөйү ирдүүрөөк, экинчиси — алсызыраак. Мындайларды өз энесине эмизе берсе бир жума өтпөй эле чоңураагынын тезирээк чоңоюп, кичирээги ого бетер жүдөп баратканы байкалат. Барган сайын чоңураагы кичирээгин кодулап, көп эмизбей ого бетер алсыздандыра берет. Алсыз козу акырындык менен жүдөп, энесин да тыныраак ээрчий албай калат да, акыры андан ажырап, жетим болот. Дагы үч төрт күн өткөн соң энеси жалгыз чоңун козугат да, алсызын көргүсү келбейт, жерийт.

Үч эм туулган козулардын да же эң мурункусу, же эң кийинкиси адатта кичине түшөт. Өз энесине салып жиберсе булардын күнү да жогоруда айтылгандай эле болот. Үч эм козунун экөөнү өз энесине калтырып, бирөөн жалкы тууган чоңураак козулуу койго чоңураагын телигенде акыры аягы жетим козу келип чыкпайт.

Эгизи жана үч эми көп алынып жаткан биздин короодо кой-козуну текшилеп телүүгө мына ушундай чоң маани беребиз. Текшилеп телүү негизинен туут бөлмөсүндө, анда үлгүрбөй калгандарыбыз кечиктирилбестен кийинки эки-үч күндө бүтөт. Телүүнү андан кечиктирүүгө болбойт — айрыкча эгиз козуну кой эмизбейт, жалкыга деле убарасы көп.

Араңжан, начар козулардын алынышы чабандан жана сакмалчыдан дебедикпи. Буга дагы бир мисал келтире кетүүгө мажбурмун. Аны айтпай коюуга болбойт. Анткени ал бардык эле чабандарга тиешелүү. Алсак, айрыкча короо тарыраак учурда желини толгон койлор жем-чөп жеген, суу ичкен мезгилдерде бирин бири жөөлөп, урунт болушат. Бөтөнчө эгиз же үч эм козу тууй турган койлор жалкы тууй тургандарына караганда кыймылы начар, кичине эле бөгөткө туруштук бере албай мүдүрүлүшөт, жыгылышат. Короого киреерде топ койдун алдыңкысы жыгылса болду анын эпкини менен артындагылары да жыгыла беришет, астыңкыларын тебелеп өлтүрүп жиберген учурлар да кезигет. Желини толуп турган койлор козу салып жиберишет да эгиздин бири чала жан, экинчиси — өлүү түшөт. Ара туулган козу араң дем алат, оозун ачат.

Биз мындай козуну оозго үйлөп дем алдырбастан, эки кулагына үйлөп, өзүн тезирээк жылуу оромолго чулгап, астыңкы буттарын ары-бери кыймылдатып, ушалап жиберебиз. Баары бир андай козу нормалдуу дем ала албайт — ичи көөп, тула бою шишимек тартат. Шишик демин кыстырып турат. Бир аз болсо да дем алуусу оңолгон кезде ортосунан эки саат өткөрүп,

ысык сууга аралаштырылган 1000000 бирдиктеги пенициллинден 1,5—2 граммдан берип турабыз. Ошону менен бирге тез-тез ороосун кургактап, жылуу жерде кармайбыз. Арадан 4—6 саат өткөн ченде шишиктер сууга айланып, козу бир аз жеңилдене баштайт. Абалын байкап туруп, ошол кезде бир чай кашык сары май менен оозантабыз. Майды өз алдынча дурус жесе, аздан эмизүүгө киришебиз. Бирок ага ууз берилбейт — анда ара туулган козу мүрт өлөт, ал ууздү сиңире албайт, араң жан, ансыз да жетиле электе туулган, козунун кыймылы нормалдуу эмес. Ошондой эле энесинин ичинде өлгөн өз түгөйү мунун канын уулантып, өлөр абалга келтирип таштаган. Анын үстүнө тула бою бүтүн шишик тартып турса, ички организм да кадимкидей иштей албайт эмеспи — ичтен өлгөн түгөйүнүн запкысы ички организмге деле тиет. Ошондуктан жетиле электе, алсыз — ара туулган козуга биз ууз эмизбейбиз. Ага туугандына кеминде 6—7 күн болгон койдун сүтүн эмизүүгө аракет кылган оң. Ал сүттүн составында ууздагыдай заттар аз, жеңил сиңет.

...Астыңкы эки буту менен чабак урган сымал келе жатат. Тулку боюнун жарымы — дөңгөлөкчөн. Козу улам алга, козулар аштоого багыт алган жакты карай бир калыпта жылып бара жатат.

Өткөн жылы бир козунун окуясы мына ушундай болду. Ал жетик эле туулган. Бирок бел омурткасынын бир жеринде экөөнүн ортосу тутумдаш эместей. Энесин жакшы эле эмет, сүтүн да кадимкидей сиңирет, бирок арткы эки буту шалактап, таянчык боло алышпайт.

Көзгө көрүнгөн соң кыйып жибере албадык. Баарылап аны мал кылууга аракет жасадык. Тойгуза эмизип (кээде башка койго да кошумчалап эмизип) бир айча багып жүрдүк. Ирденип, бара-бара отугуп кетти.

Ошентсе да, мурдагысындай эле кыймыл жок — бел омуртка бирикпеди. Козу бир капталы менен гана жылууга аргасыз болуп, ошол жагы өз сийдигине чыла-

нып, саңырсый баштады. Ары ойлонуп, бери ойлонуп олтуруп биз кичинекей дөңгөлөкчөгө олтургузуп көрөлү дедик да арабача жасап бел көчүктөн арт жагына бириктирдик. Боор жагына кийизден жумшагыраак төшөп, кадимкидей күлтүк жасап койдук. Ансыз деле эти тирүү козу эле, алдыңкы буту менен аракет жасап, өзүнүн жарым денесин өзү сүйрөп, бөлмөдөгү козудан калбай оттоп, аштоого өзү барып жемин жеп, өзү барып суу ичип жүрдү. Сакмалчынын андан аркы жумушу маал-маалы менен энесине эмизүүгө жардам берип, алдын кургактап туруу менен гана чектелди.

Арабачан козу ошентип алты ай бою козулар менен бирге сарайда багылып, козу бөлүнгөн учурда гана бракка чыгарылган койлордун оторуна өткөрүлдү. Алиги менин көрсөткүчүмө күмөн санагандар ошондойду көрсө жакшы болоор эле. Ушул кантип мал болсун, деп терисин жаштайынан тескери сыйрып, бел көчүгүндө омурткасы жок туулган» деп акт жаза салса, албетте жүзүнөн бир козуну кем алганың ошол да. Өз ишин урматтаган, өз ишине берилген адам өз өндүрүшүн сыйлай билет, малга малдай мамиле жасабайт. «Мал семизи ооз майлайт» деген. Малды баксаң, ал үчүн аракет кылсаң үзүрүн көрөсүң. Менин арабачан козум деле кийин колхоз тарабынан бир баш катары эткe төгүлдү, башка козулардай эле тараза басты, башка козулардыкындай эле татынакай жүнүн берди.

«ЫРЫС АЛДЫ ЫНТЫМАК»

Сакмалчылардын ишинин өзгөчөлүгү бар — алар убактылуу келишет, сыртынан карап көрсөң отордогу койдун жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрүнө жооп бербөөчүдөй сыяктанышат, козу бөлгөндү күтпөй башка иштерге кетишет, белгилүү козуну алып, ирдентип, отуктуруп, чабанга өткөрөт да өз милдеттеринен кутулу-

шат. Бирок алардын өндүрүшүн мындай баалоого болбойт — төлдүн тагдыры ошолордун эмгегине жараша экендигин нечен мисалдар менен да көрсөтпөдүкпү. Маселе отордогу иштин уюштурулушунда — күндөлүк иштердин аткарылышынын, технологиялык процесстердин туура сакталышынын, ар бир сакмалчы өз эмгегинин жыйынтыктоочу көрсөткүчүнө кызыгышынын, бири-бирине болгон жолдоштук мамиленин, ынтымактуулуктун деңгелинде.

КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын «1980/81 жылдардын кыш мезгилинде мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүү, мал чарба продуктуларын өндүрүүнү жана сатууну көбөйтүү үчүн мал чарба кызматкерлеринин Бүлкүлсоюздук социалисттик мелдештерин жайылтуу жөнүндөгү» токтомунда бул ачык-айкын көрсөтүлгөн. Токтомдо мал чарбасында эмгектенген ар бир адамдын чыгармачылык активдүүлүгүн, демилгелүүлүгүн мындан ары өнүктүрүү жагына айрыкча маани берилген. Партиябыз менен өкмөтүбүздүн токтомдо белгилеген иш чаралары биздин ишибиздин илгерилешине жол ачат, ошону менен бирге, алдыга дагы зор милдеттерди коёт.

Короодо эмгектенип жаткандардын ар бири, алардын аткарган иши, ийгилиги, кемчилиги дайыма чабандын көз кырында болгон учурда гана ошол жерде өндүрүш жакшы уюштурулган делип бааланат. Кайсы сакмалчы же звено бүгүн өзүн көрсөтө алды — жылуу сөзүндү айтып, сыйлыгыңды тартуула, рекорддук көрсөткүч жараттыбы — жалпы колхозго чейин даңазасын чыгар, өз ара социалисттик мелдеште жеңип чыктыбы — белгиленген сыйлыгын ыйгар! Булардын бардыгын жең алдынан эмес, бүткүл сакмалчыларыбыздын көзүнчө ишке ашырылат. Көпчүлүк ортосунда айтылган жылуу сөз, көрүлгөн анча-мынча болсо да камкордук, эмгегин баалап коюу — адамга канат болот,

кубат берет, ошол эле учурда көп нерсеге милдеттендирип коёт. Кийин ал өз жолдошторунун алдында уятка калбагысы келет, ишенимди аткарууга дилгир болот. Ар кимге өзүнчө, ар кимдин кыял-жоругуна жараша мамиле кылуу менен бирге биз иштин мына ушул жагын да унутпайбыз. Антпесе өз ара социалисттик мелдешти уюштурууга, анын жыйынтыгын маал-маалы менен чыгарып турууга мүмкүн эмес.

Өндүрүштө зор ийгиликтердин жаралышында биз социалисттик мелдешке, материалдык жана моралдык стимулдардын тыгыз айкалышына, эмгектин так уюштурулушуна милдеттүүбүз. Жогоруда биз он бир сакмалчы төрт звеного бөлүнүп ,тогузу кезек менен негизги күзөттө турарын, бири кайсы жерде жетиште албай жатса ошол жерге барып, тоют таркатууга, короо тазалоого, кой туудурууга жардам берерин, дагы бири — козу отуктуруу менен алек экенин айткан элем. Биз ошол ар бир звенонун, звенодогу ар бир адамдын күндөлүк эмгегине көз салып, козунун кабыл алынып, телинишине, оозантылышына, короонун тазалыгына, тоюттун өз убагында жаңыртылышына, кой-козунун сугарылышына, төлдүн отуктурулушуна, иши кылып өндүрүштүн ымыян-чымыянына чейин эсептеп туруп, баа коёбуз. Журналда звено-звено боюнча сакмалчынын тизмеси жазылып, катарына негизги күзөттө турган күндөрү, алган баалары катталып жүрүп олтурат.

Күн сайын кечки тамактын соңунан кийин ар бир күндүн жыйынтыгы чыгарылат. Ошону менен бирге кетирилген кемчиликтер сынга алынат. Эгерде бир сакмалчы өзү күзөттө турган маалда козулардын алдын суу калтырса же акшакты элебестен аштоого салса ошол кемчилик эмнеге алып келери, кийин иштн ондоо үчүн канчалык убара боло турганыбыз айтылат.

Мунун каталык кетирген звено же сакмалчы үчүн эле эмес, ошолор менен мелдешкен звено жана сакмалчы үчүн да чоң сабак болуучу жайы бар. Биз ката

кетирсек деле атаандашыбыздын алдында абийирибизди ачат турбайбы» деген ойдо калышат тигилер. Ошентип мелдеш жандуу боло баштайт, ал өндүрүштү алга жетелөөчү чоң күчкө айланат. Адамдар уятка калуудан гана чочулашпайт, атаандашынан кем эмес экендигин сезишет, алардан артта калгылары келишпейт, кези келсе алдыга чыгууга умтулушат. Атаандаштар гана эмес, звенолордун ар бир эле мүчөсү кимден болбосун кем калышпай ак ниеттүү иштеп, кемчилик кетирбөөсүн талап кылат, кошунасынын кемчилиги түздөн-түз өзүнө да таасирин тийгизээрине түшүнөт. А башка бирөөлөргө караганда кошуна эмгектенип жаткан эки адам бири-бирине эмне бүтүрүп, эмне коюп жатканларын ачык айкын көрүп тураары белгилүү. Анын үстүнө жөн гана байкоочу эмес, ыгы келген жерде акыл кошот, көргөн жерде кемчилигин сындайт, аны жоюуга жардамга келет.

Кой төлдөгөн күндөн баштап, ар бир сакмалчынын, ар бир звенонун күндөлүк ишинин натыйжасы чагылдырылган журнал көрүнөө жерде турат. Кимдин кайсы күнү кандай иштегенине кызыккан адам аны менен кайсы убакта болбосун тааныша алат. Менин оюмча, өндүрүш дурус уюштурулуп, анда ар кимдин орду так белгиленип, ролу көтөрүлсө, коллективдин башында турган адам калыс болсо ошол жерде ынтымак бар. «Ынтымак бар жерде ырыс бар» дегендей кичинекей коллективдин мүчөлөрүнүн ар бири өз милдетине аң сезимдүү мамиле кылып, аны орундоону мойнундагы парыз деп тапса, «бир жеңден кол чыгарып»... иштесе өз ара мелдештин натыйжасы ошончолук жогору болот. Менин чейрек кылымдык чабандык тажрыйбамда бир эле сакмалчы төл башталгандан тартып, акыры аягына чейин туруктуу артта калып келгенин көргөн жокмун. Иштеген соң адам кемчилик кетирет. Аны оңдоого жардам бербестен «сен жамансың» дей берсе ким болсо деле чөгүп кетет да. Тескерисинче, анча-мынча кол

кабыш кылып, бир аз дурус жерлери болсо көтөрө чаппай жылуу сөзүндү айтсаң — кемчилиги бар адам ого бетер жоопкерчилигин сезип, аракеттенет, билбесе үйрөнүүгө, алы жетпесе ачык айтып көмөк суроого умтулат, коллективдин активдүү мүчөсүнө айланат. Сакмалчылар арасындагы социалисттик мелдешибиздин максаты жалаң гана алдыңкыларды көрсөтүү, алдыңкыларды сыйлай берүү эмес, алдыңкылардын өрнөгү менен бүткүл коллективди тарбиялап, артта калуучулукту жоюу.

«Социалисттик мелдешти уюштуруу жакшыртылсын жана таасирдүүлүгү жогорулатылсын, ал пландарды орундатууга жана ашыра орундатууга, иштин жогорку сапатын, өндүрүмдүүлүктүн өсүшүн камсыз кылууга, үнөм режимин ишке ашырууга багытталсын. Эмгекте атаандашуучулук, жолдоштук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу өнүктүрүлсүн» деп айтылган КПССтин XXVI съездинин «1981—1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында». Муну жүзөгө ашыруу биздин ыйык милдетибиз. Ынтымактуулук, башка иш түшкөндө жардамга келип, кол кабыш кылуу, «улууну урматтап, кичүүнү сыйлоо» кандай жемиш берерин биз тажрыйбабыздан нечен ирет көргөнбүз.

Элге эмгегиң менен гана көрүнө аласың. Жыл сайын биздин короого он бирден сакмалчы келет. Бир үй-бүлөдөгү өскөн үч-төрт баланын кыял жоругу деле ар башка эмеспи. Ошол сыяктуу эле он бир сакмалчынын өзүнө тиешелүү кыялы, жоругу, кулк-мүнөзү бар. Алар жөнүндө жогорудагы бөлүктөрдө толук болбосо да, кичинекей китепче үчүн жетишээрлик айтылды көрүнөт. Кичине болсо да мына ушул коллективди бириктирген, алдыдагы чоң милдетти чечүүгө багыттап турган, алардын күчүн жөндөмүн, аракетин асыл максатты чечүүгө жетелеген өз ара мелдеш деп эсептей-

биз. Ар кимибиздин ичибиздеги дартыбызды, кечке көргөн билгендерибизди, жасаган иштерибизди биз ушул мелдештин күндөлүк жүрүшү жөнүндө сөз болгон жерде ортого салабыз. Анан жакшы иш бүтүргөндөрүбүзгө жылуу сөзүбүздү айтабыз, алардан үлгү алууга умтулабыз, каталыктарыбызды ашкерелеп гана тим болбостон, аларды кайталабоонун жолун чогулуп издейбиз, табабыз. Улуу көсөмүбүз Владимир Ильич Лениндин социалисттик мелдештин жашоого жөндөмдүүлүгүнүн чечүүчү шарты анын жалпыга маалым экендигинде, жыйынтыктын салыштырылышында, тажрыйбанын башкаларга жайылтылышына мүмкүнчүлүктүн түзүлүшүндө тургандыгында деген көрсөтмөлөрү дайыма биздин ойдо турат. Биздин коллективдин мүчөлөрүнүн арасындагы социалисттик мелдеши ушунусу менен кызыктуу, ушунусу менен жандуу.

«Материалдык сыйлыктардын өндүрүштүн натыйжалуулугун жана жумуштун сапатын жогорулатуу үчүн социалисттик мелдештин натыйжалары менен байланышы күчөтүлсүн» деп айтылган КПССтин XXVI съездинин «1981—1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында».

Албетте, материалдык жана моралдык кызыктыруу өндүрүштү алга жылдыруучу чоң күч. Дайыма эле жылуу сөзүндү айтып, көтөрмөлөп, сүрөтүн көрүнө жерге илип, даңазалап, жыйындарда мактап жана башка сый-сыпат көрсөтө берүү мелдештин жыйынтыгын чыгарып туруунун бир гана жагы. Бул жерде биз адамдардын эмгекке материалдык кызыгуусун унутууга тийиш эмеспиз. Партиябыз үйрөткөн сыяктуу, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатып, иштин сапатын жакшыртуу үчүн болгон социалисттик мелдештин жыйынтыгы материалдык жактан сыйлоо менен байланышканда гана максатыбызга жетмекчибиз.

Жерибиз малга жагымдуу, элибиз мал жандуу.

Негизги өндүрүшүбүз — мал чарбасы. Анын ичинде кой чарбасы басымдуулук кылат. Муну эске алып, райондо кой чарбасында жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен коллективдер арасында социалисттик мелдеш кеңири жайылтылган. Мелдеште жеңип чыккандар үчүн менин ысмымдагы байге ыйгарылат. Райондук масштабдагы бул байгенин башын биздин коллектив бир нече жылдардан бери колдон чыгарбай келе жатабыз.

Акыркы үч жылдан бери менин оторумда ар жүз койдон алынган төл 180 ден ашып кетти. Мен бул жерде төл алуу боюнча райондук мелдеште баш байгени жеңип алгандыгыбыз жөнүндө айта кетким келет. 1979-жылы бизге баш байге катары 500 сом бөлүнгөн болучу. Бул кабарды биздин сакмалчылар өтө кубаныч менен тосуп алышты — эмгек жерде калбасына көздөрү жетишти. Бул эң башкы нерсе эле — адамдар алданган жок, көкүрөктөрүндө жылуу сезим калды, иштери кайда болсо да баалана тургандыктарына ишенич пайда болду.

Эмки маселе байгени бөлө келгенде бирөө жарымын өкүттө калтырбоодо турду. Ошон үчүн өз ырыскыларын өздөрү бөлсүн деген ойго келдим да, байгени ортого койдум. Эң мурда баягы журналыбызды алып, бардыгынын көзүнчө ар биринин күн сайын бүтүргөн жумушун, анысынын сапатын, жакшы-жаман жактарын, алган баасын айтып, өзүнүн нааразы эместигин сурап турдук. Анан сакмалчы болгондон баштап иштеген күндөрүндө алган бааларын кошуп, күнүнө бөлүп орточо баа чыгардык.

Жыйынтык чыгарып жатканда козунун жалпы эле багуусу, чыгымга учуратылбаганы, журналга түшүрүүгө мүмкүн болбогон кээ бир учурлар, сакмалчынын жалпы ишке салымы, демилгелүүлүгү, жаңылыкты изденүүсү, кыймыл аракети өндүү жактары да эске алынды. Мисалы Жумагулов Асек төл кабыл алуу, козуну багып өстүрүү, күзөт маалында короо ичине көз са-

лып, таза кармоо, малды убагында тоюттандыруу боюнча ишке киришкенден тартып жалаң «5» деген баага ээ болуп келген. Чыгаша дегенди да билген жок, козуларды текшилеп телип эмизүүдө башкаларга өрнөк көрсөттү. Натыйжада жаш төл бир кылка, нормалдуу өсүп, отугуп кетти. Буга өз ара мелдештин жеңүүчүсү катарында биринчи сыйлыкты ыйгарууга эч ким каршы чыкпады. Ал эми эгизи деле мындан кем эмес, козуларынын өсүүсү деле ошондой, бирок ара туулган козуну мал кыла албагандыктан (багуу жарашса ал мал болуп кетчүүдөй абалда эле). Мукамбетова Советкан үчүнчү орунга ээ болуп калды. Ошол эле Советкан көпчүлүк менен иш алып барууда активдүүлүгүн көрсөткөндүгү үчүн, журналдагы баалары жыйынтыкталып, 20 сомдук сыйлыгына дагы 3 сом кошулду. Жалаң гана козуну отуктурууну үлгүлүү өткөргөндүгү үчүн, мисалы, жалпы мелдеште төртүнчү орунду ээлеп, 20 сом байге алган Атаканов Таалайбекке 5 сом кошумча сыйлык ыйгарылды.

Дагы бир жолу кайталаймын: ар бир адамдын аткарган иштери жалпысынан эле бааланбастан, өндүрүштүк процесстер боюнча, күндөлүк чыгарылып турган жыйынтыкка жараша аныкталса, коллективде сыйлыкка ичи ооругандар жок болот. Анын үстүнө «арай көзүбүз чарай» турган жерде ар кимдин эмне иш бүтүргөнүнүн, кайсы жерде каталык кетиргенин, ал каталыгы канча убаракерчилик же зыян алып келгендигин журналдан карап, фактылар менен далилдеп турган соң эч ким буйтай албайт. Буйтайын десе чогуу иштегендери, ошол каталыктарга күбө болуп, аны четтетүүгө жардамга келген кесиптештери отурушат жанында.

Жалпы байгенин дагы бир бөлүгү звенолор арасындагы мелдештин жыйынтыктары боюнча бөлүнөт. Мында деле жогорудагыдай көрсөткүчтөр, бирок звено боюнча алынат. Журнал боюнча ар бир звенонун күн-

дөлүк жүргүзгөн иштерине коюлган баалар суммаланат да сакмалдык күнгө бөлүнөт. Бул жыйынтык чыгаруунун бир гана жагы. Эң негизгиси бүткүл звенонун жалпы ишке катышуусу, козулардын азыркы кездеги абалы, андагы ар бир сакмалчынын өндүрүштүн алга жылышына киргизген салымы, башка звенолорго көрсөткөн көмөгү, жүрүш-турушу, малга жана адамдарга жасаган мамилелери, иштеги активдүүлүгү жана башка жогоруда көрсөтүлгөндөй сапаттары да өзгөчөлөнүп бааланат. Ошолордун баарын салмактан көрүп, звенодогу кетирилген кемчиликтердин ар бирин талдап, сакмалчылар үчүн алар кийин да сабак болуп калгандай кылып, жеткире түшүндүрөбүз. Алсак, ушул көрсөткүчтөр боюнча баш байгени алууга № 3 звено деле татыктуу болучу — журналдык бааларынын жалпы баллы жогору болду. Бирок звенодо эгиз козунун бирин чыгымга учуратып алышкан эле. Албетте, өз кезегинде бул факты жөнүндө катуу сөз козголгон. Эми ишибизди жыйынтыктоочу мезгили келгенде аны дагы бир жолу эскерип кетпесек болобу?! Калган көрсөткүчтөрү күзгүдөй жаркырап турганы менен жалгыз козунун чыгашасы звенону артка сүйрөдү, үчүнчү сыйлыкка араң жетти.

Бүтүндөй звеного ыйгарылган сыйлык анан ошол звенонун мүчөлөрүнүн арасындагы өз ара мелдештин жыйынтыгына жараша бөлүштүрүлөт. Звенолук сыйлыкты бөлүштүрүү жалаң гана ошол звенодогу сакмалчылардын өз ыктыяры. Ага башка звенодогулар кириштейт. Албетте, айрым маселелер боюнча үч адамдын ортосунда келишпөөчүлүк болушу ыктымал. Анда, мурдагыдай эле, журнал боюнча ар кимдин иштеген ишин кайрадан талдап чыгып, жолдошторунун арасында жакшы жагын да, жаман жагын да бетке айтып, бир пикирге келебиз.

Сакмалчылардын мелдешинин жыйынтыгы бизде адатта улуу майрам 1-Майдын алдында чыгарылат.

Эмгекчилердин эл аралык тилектештигинин күнүнө ар бир сакмалчынын кандай ийгиликтер менен келгендиги ошондо айкын болот. Райондук масштабда жеңип алган сыйлыгыбыз мал чарбасындагы өтө татаал кампанияны өткөрүүгө ар бир адамдын жоопкерчилигин ого бетер жогорулатат.

Социалисттик мелдешти уюштурууда адамдарды материалдык жактан кызыктыруунун маанисн чоң экендиги талашсыз. Маселе алдыңкыларга көбүрөөк, артта калгандарга азыраак сыйлык берип же болбосо ийгиликти санап чыгып, кемчиликти ашкерелеп коюуда эмес. Материалдык кызыкчылыкты арттыруу артта калуучулукту жоюуга, кемчиликтерди иш үстүндө оңдоого, адамдарды ынтымакка коомдук ишке берилүүгө тарбиялоого түрткү болуучу нерсе. Бирок ошол материалдык сыйлыкты ар кимге өз эмгегинин натыйжасына жараша бөлүп берип, «андан аркысын эмне кылсаң өзүң бил, иштесең-тиштейсиң, озуп чыксаң байге сеники, артта калсаң — сага эч нерсе жок» деп таштап койсок иш оңунан чыкпастыр. Биз сыйлыкты ар бир сакмалчынын аткарган ишинин көлөмүнө, сапатына, жалпы жыйынтыгына жараша берүү менен, биринчиден, анын эмгегин сыйлап, өзүн урматтаганыбызды билдирип жатабыз. Экинчи жагынан ар ким эмгегине жараша өз үлүшүн алганы.

Айталы, сыйлык бөлүштүрүлдү, бир сакмалчы көбүрөөк алды, экинчилери, эмгегине жараша андан кемирээк алып калды. Эмки кеп сыйлыкка келген каражат кайда кетет, ошондо. Көп эле жерлерде өз ара социалисттик мелдештин жыйынтыктары, адатта, даңктуу даталардын алдында чыгарылып жүргөнүнө күбөбүз. Анда эч чатак жок дечи — мисалы, бизде кой төлдөтүүнүн жыйынтыгы 1-Май майрамына тушма-туш келсе эмне кылмакчыбыз? Рас болот да, кайра. Ушул максатта биз, колхоздук кыштактан алыс болсок да, убактыбызды бөлүп, бир азга чогула калабыз, бири

бирибизге майрамдык каалоолорубузду айтабыз, сакмалчылардын айылдагы үй-бүлөлөрүнө саламыбызды айттырабыз. Кээде алардан да кишилер келип, биздин кичинекей коллективдин салтанатына катышышат. Колдо болгон тамак-ашыбызды ортого салабыз, бир дасторкондо олтуруп, өз ара пикирлешебиз, убакытты туура пайдалана билген адам маданияттуу эс алууну да өздөштүрө алат эмеспи. Бир сөз менен айтканда өз ара мелдештин жыйынтыгына, сыйлыкка шылтоо кылып, салтанатка ичимдик аралаштыруу кечиримсиз күнөө. Ичимдик аралаган жерде социалисттик мелдеш жөнүндө сөз кылууга болбойт. Биздин салтыбызга да туура келбейт бул. Өндүрүштүн тагдыры, ар бир адамдын ак эмгеги жөнүндө сөз болуп жаткан жерде ичимдик жолотуп кереги жок. Мен башкарган партиялык топто иштин мына ушул жагына айрыкча маани берилет.

Чындыгын айтсам мейли жөн күндөрдө болсун, мейли салтанаттуу даталарда болсун ичимдиктин аралагаңы биздин, чабандын гана күнөөсү. Сакмалчыларга бул жерде догубузду артууга тийиш эмеспиз. Алар сакмалчылыкка тамак-ашын көтөрүп келишкен жери жок. Рас, эмгегине, сыйлыкка акча алышат. А арак-шарап үчүн айылдагы дүкөнгө барууга алардын убактысы, деги эле ичип олтурууга шарттары жок. Мындай шартты чабандар — өзүбүз гана түзүп берүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар. Демек, ичимдиктен өзүбүз алыс болсок, калгандар сага карап турушат, сенден ийменишет, ал жөнүндө сөз козгоого тили барбайт да. Бир дасторкондон тамак ичип, бир үйдө (чабандын үйүндө) жашап жаткан кичинекей коллективдин мүчөлөрүнүн кимиси эмне оокат жасап жаткандары чабан түгүл, сакмалчылардын өздөрүнө да күзгүдөй маалым.

Анын үстүнө мен сакмалчылар эмне жесе ошону жеймин, бирге тамактанамын алар менен. «Өз үйү, өлөң төшөгү» бар чабан өзүнчө тамак бышыртса чатактын башталганы дей бер биз эмнеге күйүп-бышабыз

дешет да ансыз деле жүдөп жүргөн немелер жумушун жүр нарыга салышат. Бул көзгө майда-чүйдө иш катары көрүнгөнү менен өтө кыйын нерсе — чабан убактысыз үйүнө кирип-чыга берсе, кээ бир өзгөчө кулк-мүнөздүү адамдар аны «тамагын катып жегендей» баамдашат. Ортодо күбүр-шыбыр кеп чыгат. Нааразылык башталат, бирөөнүн курсагы бир аз бөксөргөн болсо. Ошондуктан мен көпчүлүк арасынан бөлүнбөй, үйгө тек тамак ичээр маалда гана бардыгы менен бирге кирип, бирге чыгып кеткенди жакшы көрөмүн. Муну ачык айтканыма кээ бирөөлөр жийиркеничтүү карашаар? Менимче өндүрүштөгү, айрыкча адамдардын ортосундагы мамиле ушул сыяктуу майда нерседен куралат эмеспи.

Сакмалчылардын арасындагы социалисттик мелдештин биротоло жыйынтыгы алар өздөрү алып, өстүргөн козуларын чабанга өткөргөн кезде чыгарылат. Бул кезде да сакмалчынын бүткүл кампания мезгилинде иштеген ишинин жогоркудай эле көрсөткүчтөрү эске алынат. Ага кошумча койлордун тууттан кийинки абалы, соолуктардын чыгашага учурабашы, тазалыгы өңдүү бир катар көрсөткүчтөрү бааланат. Ошол баалары-на жараша колхоздо сакмалчынын негизги эмгек акысына кошумча 30 процентке чейин акы көбүрөөк берүү белгиленген.

Биздин чабандык топто сакмалчылардын арасындагы социалисттик мелдештин жыйынтыгы биротоло чыгарылган соң, жалпы малчылар жана мал төлдөтүүгө келген жардамчылар болуп дагы бир жолу топтолуп, талкууга алабыз. Анда ар бир сакмалчынын, звенонун, бүтүндөй оторлордун өндүрүшүнүн уюштурулушу, адамдардын эмгеги, анын натыйжасы ортого салынат. Айрым короолордогу үлгүлүү иштердин кийинки кампанияда башкаларда колдолунушу үчүн аракет жасалат. Чабандар, сакмалчылар кубанычтары менен бөлү-

шүшөт, айрым каталыктарын кантип оңдогондуктарын айтышат.

Ушундай эле иш чаралар жалпы колхоз боюнча да көрүлөт. Муну менен колхоз башкармасы жана партиялык уюму кой төлдөтүү өтө маанилүү, өтө оор иш экендигин колхозчулардын сезимине куюп, ошол иштин аткаргандарга ыраазычылыгын билдирген болушат. Чабандар, сакмалчылар арасындагы социалисттик мелдеште жеңип чыккандар, даңазаланат, көп оозуна алынат, сүрөттөрү «ардак такталарына» илинет. Кийин ушундай жылуу сөздү ар бир адам уккусу келгендей, иштесе даңазага, урмат-сыйга татыктуу болоруна ынангыдай аракет жасалат. Өткөн кампаниянын жыйынтыгы менен келерки жылда мал төлдөтүүнү ийгиликтүү өткөрүүгө негиз мына ошентип түзүлөт.

АРЗАН ЭТ АЛУУНУН БУЛАГЫ

Койлорду багуунун, тоюттандыруунун, төлдөтүүнүн, жүн кыркуунун биздеги технологиясы жөнүндө мен «Кыргызстан» басмасынан 1979-жылы чыккан «Ийгилик эмнеден жаралат» деген кичинекей китепчемде кыскача айтып берүүгө аракеттенген элем. Ошон үчүн бул жолу аларды кайталап олтуруунун кажети жок деген ойдомун. Мында айтайын дегеним негизинен сакмалчылар менен менин (чабандык) өз ара мамилебиз, ошондой эле адамдардын малга жасаган мамилесинен улам жүн, эт, козу алууга кандайча таасир тийгизилери туурасында болучу. Бирок, бул маселе козголгон соң жалпы эле өндүрүштү көз жаздымында калтырууга мүмкүн эмес экен. Ошон үчүн мурда айтылбай кеткен дагы бир маанилүү процесске толугураак токтолууну чечтим. Бул козуларды (жалпы эле койду) сакмалчылардан өткөрүп алган соң багуунун уюштурулушу туурасында.

Көп эле жерден байкап жүрөмүн: кой төлдөтүү аяктап, сакмалчылар кеткен соң козулардын чыгымга учуроосу арбыйт. «Жетишпей калдык», «тебелеп салды», «энеси жерип кетти», «жакшы отукпай койду, мурда эле араң турган неме болучу», деп актанып келишет кээ бир чабандар. Менимче мындай шылтоо негизсиз. Көп жылдан бери биздин короодо сакмалчылар кеткенден кийин козу бөөдө чыгымга учураган факт болгон жок. Сакмалчы деген козу ирденип, жалпы отугуп, энесин ээрчип, өзү ээмп, жакшы багылса секирип, оюн салып жүргөн убакта кетет. Демек, сакмалчынын короодон кетишине сала-сал кылуу жарабаган иш.

Албетте, күтүүсүз көп нерселерге дуушар болот короосундагы кой эки эсе көбөйгөн чабан. Ошондо да маселени өзүндүн ишке дилгирлигиң, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүң, малды багууга жөндөмдүүлүгүң, мал жандуулугуң чечет. Биз, мисалы, сакмалчыларды узатып койгон соң деле эгизин өзүнчө, жалкысын өзүнчө топ-топ кылып ажыратып коёбуз козуларыбызды. Энеси жериген же ылаңдаган козуларын да өзүнчө топко бөлөбүз. Ошондо кайсы кой, кайсы козу кандай абалда экени кайсы убакта болсо да алаканга салгандай көрүнүп турат. Начарлай түшкөндөрү улам иргелип, башка топко которулуп турат. Ар бир топтун абалына жараша ар башка өлчөмдөгү тоют берилет, начарыраак топтордо энеси жериген же өз алдынча эме албаган козуларга жардамга келебиз. Ылаңдап калгандары байкалса, дароо, башка козулардан бөлүнүп, ветеринардык көмөк көрсөтүлөт.

Жыл сайын биздин отордо 900—1000 баш козу алынат. Эгерде кой козулар абалына жараша топ-топко бөлүштүрүлбөсө, бир жайытка чыгарып, сүрмө топ кылып, кайра бир жерге камап салуу, ого бетер ишти начарлата берери табийгы нерсе. Ошончо кой-козуну чогуу айдап, чогуу жайсаң алсызыраактары ого бетер

начарлап, дурусураактары да артка кете берет. Жанагы, козулардын чыгымга учурашын сакмалдын кетишине сала-сал кылган чабан так ушул жерде каталык жиберген. Ал өз оторундагы кой-козунун ар биринин абалын билүүгө кызыккан эмес, начарыраагын бөлүп, кошумча тоюттандырып, энеси жерисе жардам берип эмизип, ыландаганы байкалса дароо дарылай баштоону убаракерчилик көргөн. Бир короо койду кайра бөлүп жүрөмбү деген ойго келет андай адам. А түгүл болгонунча сүрмө топ кылып короодон айдап чыгып, жаш балдарына көздөтүп коюп, башка жумуштарга кетип калган чабандарды деле көрүп жүрбөйбүзбү. Андайлар үчүн жазгы керимсел жел жүрүп жаткан убакта койду, айрыкча жаш козуну шамалдуу жайытка чыгарбоо, күнөс жерге эртеден кечке күнгө боорун кактатып жаткырбоо өндүү майда-барат жагдайлар түшкө кирбегендей оор түйшүк.

«1981—1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында» мал чарба продуктыларын, анын ичинде жүндү өндүрүүнү көбөйтүү боюнча зор милдеттер белгиленип, аны жүзөгө ашыруунун айкын жолдору көрсөтүлгөн. Бул милдеттин чечилиши ар бир коллективдин, ар бир малчынын ишине, аракетине жараша болот. Ар бир чабан муну өз тажрыйбасынан көрүп олтургандыр.

Биздин шартыбызда кой этин көп жана арзан өндүрүүнүн негизги булагы — бул козуну жайытта семиртүү. Өз пикиримди аныктоо үчүн мен бул маселеге толугураак токтолоюн.

1977-жылдын апрель айларынын аяк чени. Мал төлдөтүүнүн жыйынтыгы чыгарылып, «козунду күздө сана» болуп жаткан кез. Мурунку жылы чарбаны башкарууга жаңы шайланып, бир аз болсо да айрым тармактарды оңдой баштаган, жаш, бирок тажрыйбалуу адис Жумаш Эшперовдун кабинетинде олтурдук.

Козуну жайытта багып семиртип, этке өткөрүү жөнүндөгү сенин сунуштарың жөнүндө кабарласам, айрым жетекчилер туура табышкан жок,— деди ал,— өзү менин оюма макул экенин билдиргендей түр менен. — Түп районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы колхоздогудай шартыңар жок, күлкүгө калбагыла дешти. Кандай дейсиң өзүң?

— Андай болбойт,— дедим мен кесе,— сизге убада беремин. Экономикалык жактан пайдалуу жагын карап көрбөйбүзбү?! Мага бир аз гана кол кабыш керек — Мукамбетов Дердешти жардамга бергиле. Өз малыбыз да. Кантип эле зыянга баралы. Бир адамдын эмгеги үчүн сарпталган каражат жалпы кирешенин арзыбаган үлүшүнө барабар.

Чынын айтсам, жаш болсо да председателибиз чечкиндүүлүк кылды, бүткүл «кириш-чыгышын» дегендей адистерге эсептетип, тактатып, бир чети менин убадама ишенип, алгачкы кадам жасоого макулдугун берди.

Ошол жылы биз козуларды айтылуу Көк-Сайдын Кара-Таш деген жеринде бактык. 20-июнда козу бөлүндү. Жаш мал, ансыз деле кыймылдуу келет эмеспи, биз үрүл-бүрүл тан сүрүп, жерге жарык кирейин дегенде козуларды жайытка чыгарып турдук. Кечкисин да короого күүгүм талаш киргизилүүчү болду. «Жатар курсак жармадан айлансын» кылбай, ар бир башка 300 граммдан жем бердик.

Жайытка эрте чыгарганыбыздын себеби, күндүн ысып кетип, козулар оттобой туруп калышынан чочугандыкта эмес. Эрте салкындагы ширелүү чөптү мал өтө жакшы жейт, улам от кубалай берет. Оттуу келген бийик тоолорго эрте чыгууга үлгүрүшөт. Жайкы аптапта күн көтөрүлгөн кезде тескей тарапка жаюучубуз. Козуларыбыз тез эттене баштады, эне сүтүнөн ажырагандарына карабастан. Жайлоодон 1-сентябрда жакага түшүрдүк да орулуп алынган эгиндин аңыздарына, көп жылдык чөптөрдүн аңыздарына жаюучу бол-

дук. Жакында мүрдагы 300 грамм жаратартмага дагы 200 грамм учкун чарлардан бере баштадык.

Бул жерде эмне үчүн жаратартма арпадай эле 500 грамм берилбеди деген суроо туулушу мүмкүн. Анткени ал өтө күчтүү, белокко бай тоют, анчалык өлчөмдү жаш организм сиңире албайт. Жемге күптүү болот. Жаш организм үчүн бул өтө коркунучтуу: жүрөк тез-тез кагып, кан тамырларга кан толуп, түягына чейин чыңалып чыгат. Ашказандын сиңирүү жөндөмдүүлүгү кайра калыбына келе баштаган кезде азыр эле көөп, жарылып кетүүчүдөй болуп турган кан тамырларда кандын чуркоосу начарлайт, болбосо токтойт да, денеси калтырап, буттары сенек тартып кыймылдабай калат.

Козулар семирип, тоютту жакшы жеп турган кезде салкындан жылууга көчүрүүнүн кажети жок экенин биз өз тажрыйбабыздан көрдүк. Ошол жылы 1-сентябрда эле оңолуп калган, эттүү козуларды жакага түшүрүп, жаңылыштык кетириптирбиз. Салкынга көнгөн козуларыбыз, алысын оттуу болсо да оттобой калды, кошумча салмак алуу токтолду. Айла кеткенде күндүзү эки суунун аралчасына жайып, көбүнчө түнкүсүн откорууга өттүк. Бир айга жакын 27-сентябрга чейин убара тарттык.

27-сентябрда 500 баш козуну эт комбинатынан кабыл алуучу пунктуна жөнөттүк. Чындыгында ар бир козу жайлоодон түшкөндөн бери жарытымдуу кошумча салмак ала албады. «Кандай болуп кетээр экен, убадада тура алар бекемин» деген ой бийлейт мени. Таразага чейин өзүм бардым, орточо салмак 37,5 килограммга жетти.

Эгерде автомашина атайын мал ташуу үчүн жасалгаланса, жол бардык жерде жакшы же оторубуз мал кабыл алуучу пунктка жакын болсо, транспортсуз эле айдап жеткирсек, иш башкача эле. Кенедейинен ээн жайлоодо өскөн мал машинага салганда кысылышып,

өңгүл-дөңгүл жолдо бири бирине согулуп, эт комбинатына жеткирилгенге чейин эле тебелендиде калып өлүп калгандары да болот.

Булардын баарысы эске алуучу нерселер. Мындай кемчиликтерден улам аракети текке кеткен чабан күнөөсү болбосо да өзүн күнөөлүү сезе берет.

Калган 499 баш козубузду өткөрүп, биз өз жолубузга түштүк. Эсеп-чотко алдык. Көп кемчилик кетиргенибизге карабастан, чарба утушка ээ болду — аз эле мезгилдин ичинде 177,1 центнер эт даярдалып, колхоз кассасына 25461,3 сом киреше кылынды. Ошол кездин даярдоо тартиби боюнча козу эти жалаң гана орто семиздикте кабыл алынган учурда деле ушунчалык киреше киргенине биз бел байлаган менен, чындыгында күмөндөр элек.

Козу этин кайсы кыргыз баласы жаман көрөт. «Баглан козу» деп элибиз мейманын ошону менен күтүүчү эмес беле. Козу болгондо да бүткүл короодо текши өскөн, салмагында анча айырмасы жок болсо чабанга кошулуп, ошого негиз түзгөн баягы сакмалчылар, жердештер куттуктап жатышты. Иштин жыйынтыгын чыгарып, колхоз башкармасы ошол козуларды баккан Мукамбетов Дердешке жалаң гана кошумча эмгек иретинде 364 сом ыйгарды. Жаңылыкты өндүрүшкө киргирүү жалпы эле чарбанын экономикасына пайда бергендигин эске алып, аны өркүндөтүүнүн жолун издей баштадык.

Козу этин өндүрүүдө иштн койду жасалма жол менен куудуруудан, аны багуудан, төлдөтүүдөн, төлдү кабыл алуудан, жаш төлдү өстүрүүдөн баштоо керек экендигин, алгачкы жолку тажрыйбада кайсы жеринен кемчилик кетиргенибизди мен адистерге айтып бердим. Эң орчундуусу — көп жүндөн куру калгандыгыбызды далилдеп көрсөттүм. Колхоздун председатели Жумаш Эшперов биздин демилгени колдоп, чарбада аны улам кеңири масштабда колдонуу керектигине токтолду.

Ошентип, 1978-жылы мен баккан жана ушундай эле рекорддук көрсөткүчкө жетишип келе жаткан Қылжыров Минанын койлорунан алынган төлдөн 978 башты эки короого бөлүп бактырууга бүтүм кылдык. Козу бөлүү, багуу процесстеринде көп өзгөрүү болгон жок. Бирок айрым иштердин мөөнөтү же эртерээк же кечирээк бүтүрүлүп жатты.

Август айынын орто чени болучу. Айыл чарба жумуштары күчөп, кайсы жерде болбосун, кол жетишпей турган учур. 20-августта биз да козуларыбызды айдап келдик. Тажрыйбалуу кыркымчылар жок, анча-мынча ишке жөндөмү барлар кыркынга топтолушту. Мындай ишти биринчи көрүп жаткан кээ бирөөлөрү эттүү — ынтыгып араң турган козуларды, ары жак, бери жагына карабай көтөрүп чаап, туйласа — тизеге салып ныгырып да коюп турушканын көрдүк. Жетише албайт экенсиң, түшүнүшпөдү, козуларды жабыркатышты. Аныбыз аз келгенсип, кыркын аякталаары менен купкага салдык — ачка турган жаш мал ууга баштады. Былтыркыдай көрүп, ысыкта оттобой калат экен, деп козуларыбызды кайра өрдөшкө айдап жөнөдүк. «Жылаңач» козу салкын төрдүн түнүндө үшүп, таң эртең мурдагысындай от кууганын койду. 10—15 күндүн ичинде бардык козуларыбыз арыктап кеткени даана көрүнүп турду.

Биз булар жөнүндө колхоз башкармасына кабарладык. Адистердин макулдугу менен кайра жакага түшүрүп, алысындаттык. Қошумча иретинде суткасына ар бир козуга 300 граммдан арпанын жаратартмасы жана 300 граммдан эгиндин учкуну берилди. Жайыт улам которулуп, жаңыртыла берди. Акырындап козуларыбыз кайрадан ирденип жатты. Бул жылы чарба жалаң жана эки короонун эркек козуларын жайытта багып семиртип, мамлекетке 337,5 центнер эт тапшырды. Ошону менен бирге ар козудан 1,160 килограммдан жүн кыркылып, 1139 килограмм жүн жок жерден табылган-

сыды. Ар козу колхозго 58,3 сом накта киреше киргизди.

Бир аз гана эмгекти кошумча жумшап, 6—7 айдын ичинде эле ушунчадан пайда түшүп жатканын көргөн соң, бул ишти улам кеңири масштабда колдонуунун жолдорун издедик. Ага жараша партия менен өкмөтүбүздүн мал чарба продуктыларын даярдоо баасын тартипке келтирүү жөнүндөгү иш чаралары да бизге жаңы күч, жаңы демилге берди. 1979-жылдан баштап козу эти мурдагыдай жалаң гана орто семиздикте бааланбастан, жогорку семиздикте да өткөрүлүүгө мүмкүндүк түзүлдү.

Биз эми козуну туулгандан кийин 6—7 ай жайытта семиртип этке өткөрүүнүн эки жылдык тажрыйбасына ээ болдук, козу баккандардын эмгегине негизги жана кошумча акы төлөө прициби да өркүндөтүлүп олтурду. Колхоз башкармасы менен партиялык уюму аны козуну интенсивдүү багууга малчыларды кызыктыруучу деңгээлге көтөрө алды.

1979-жылы интенсивдүү бордоп семиртилген козу этин мамлекетке тапшырууга биздин партиялык топтогу дагы бир алдыңкы чабандын — Токой Мукамалиевдин оторун кошууну макул таптык. Менин жана Мукамалиевдин оторлорундагы эркек козулар энесинен бөлүнгөн кезде орто эсеп менен 22,6 килограммдан айланды. Кылжыров Мина менен Мамбеталиева Жакендин оторлорунан алынган козулардын орточо салмагы 25 килограммга барабар болду.

Козуну жайында багып семиртүүгө контролдук кылуу, кем-карчын убагында толуктоо, көмөк көрсөтүү жагы колхоз башкармасынын атайын токтому менен Өмүрбек Ашымбаевге тапшырылды. Кылжыров Мина менен Мамбеталиева Жакендин короолорунан бөлүнгөн козулар бир короого бириктирилип, Исаев Майрамбекке бекитилди. Ал мурунку жылы да ушул иште иштеген, козунун суугуна тоңуп, ысыгына күйгөн, далай-далай

кемчилик кетирип, убара тарткан, кубанычтуу жыйынтыгын көрүп, жалаң кошумча эмгек акысы үчүн 427 сом акча алган адам эле. Өткөн-кеткенди эсинде тутуп, жакшы-жаманды даана ажыраткан жашка келип калган. Бул жылы ал козуларын жалаң жогорку семиздикте, ар биринин орточо тирүүлөй салмагын 36 килограммдан мамлекетке өткөрдү. Сезон ичинде анын ар бир козусу 11 килограммдан кошумча салмак кошту. Буга кошумча жүнү да арбын болду — ар бир козудан 1400 граммдан козу жүнүн алып берди.

Менин жана Мукамалиев Токойдун эркек козуларын топтоп, Чымбаев Закирге бекиткенбиз. Ал кыйла жашка келип калган, турмушту көргөн, башынан далай нерсе өткөн адам болучу. Бирок козу багуу анын үлүшүнө алгачкы жолу туура келген. Ошондуктан анын короосуна көз кырымды салып турууну партиялык топ мага тапшырган болучу. Дайыма эле келе берип тажатып жибербейин, козуну мен багамбы, өзү да жооп берсин деген ойдо анча деле тез-тез келип турганым жок ага, чынымды айтсам. Ошенткен менен өз короомдогу козулардын өңү-түсү өзүмө жат, баскан-турганынын баары көз алдымда тургандай. Мукамалиев Токойдун козулары деле «эти тирүү» болучу. Анан, күндөрдүн биринде бул короого кайрылып, козуларды көрүп, кандайдыр бир өзгөрө түшкөндөй сездим. Отордо башка козу жүргөндөй болду.

— Аксакал, тетиги козу жаңыдан кошулган сыяктанат,— дедим мен малчынын көңүлүн оорутпоого аракет кылып.

— Байкабай калсаң керек, мурда эле бар болучу,— деди ал мукактана.

— Сөзгө чабандын аялы аралаша кетти.

— Алда абышка, ай! Айттым эле го. Сакалдуу башыбыз менен кантип калп айтабыз. Бая күнү, көңүлүн кыя албай эле алиги төрт козуну...

Аксакал адамдын короосунда бир топко аңгемеле-

шүүгө туура келди. Алиги төрт чабыр козулардын ар бири он беш килограммдан ашпай турганын, ал эми короодогу козулардын салмагы кеминде 35 килограммдык тараза ташын басарын, демек бир эле күндө бул короодон 80 килограмм этти бирөөлөргө чабан өзү уурдап бергенин, аны ар бир козуга эсептегенде 160 граммдан айланарын, ал үчүн өзү канча убара тартканын, канча чыгым болгонубузду айтып бердим. Ошол эле күнү бул окуя жөнүндө колхоз башкармасына чейин билдирилди, алмаштырылган козулардын көзү табылып, ордуна коюлду.

— «Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма» болдум айланайындар,— деди Чымбаев Закир көпчүлүк алдында жер карап. — Бирөөлөрдүн көңүлүн аламын деп аз жерден кылмышка барган эмес экенмин, ойлоп көрсөм. Сакалымды сыйладыңар, рахмат, айланайындар.

Ошол күндөн тартып аксакал чабандын жаны тынган жок — дайыма козу менен алек. «Жөжөсүн күзүндө санаганда» анын ар бир козусу 35,3 килограммдан мамлекетке тапшырылды. Жүн боюнча да башкалардан калышпады — ар бир козудан 1,4 килограммдан жүн кыркылды.

Бир эле колхозубуз, бир эле жердебиз, кыштообуздун шарты деле бирдей, жайлообуз да бир № 4 койтовар фермада көрсөткүч тап-такыр башкача болуп чыкты. Төлдөтүү, козу алып, аны асыроо, сакмалчылар арасындагы өз ара мамиле, социалисттик мелдеш ал жерде анчалык маанинге ээ болбосо керек менимче. Антпесе энесинен бөлүп, жайытта бордоп семиртүү үчүн 500 баш козуну бир оторго бириктирген жайдын толук маалында ар бир козунун тирүүлөй орточо салмагы арандан зорго 17,2 килограммдан болбойт эле го. Башынан жаман асыралган козу канча күн жумшаганың менен жайлоодо тез ирденип кетпейт, кийинчерээк ал турсун дурустап от кууй да албайт. А багуунун жүнгө

тийгизген таасири жөнүндө мурдагы китепчеде кеңири айткан болучумун. Эми бул жерде ошону далилдеп койгум келет. № 4 кой-товар фермада ар бир козунун тирүүлөй салмагы 30 килограммга, ар козудан алынган жүн 1 килограммга араң жеткен.

№ 4 кой-товар фермасында экинчиден кийинки багуу да жарашкан жок — Сыдыков Букардин деген козу багуучу өз милдетине көңүл коштук кылды, ишин жүр нарыга салды, «мейли, меники белге» деди да козуларын бала-бакыраларына көз салдырып таштап коюп кете берди. Ал эле эмес, коомдук мал үчүн берилген тоютту өз малына алалап берип жүргөнү да ашкереленди. Жакшы айтканды, жардам кылганды ал түшүнбөдү. «Мал меники», «эмгектенген мен», «акылдуусунгандын эмне кереги бар» деп жүрдү ал, кесиптештеринин кепкеңешин тескери алып. Анда колхоз башкармасы менен партиялык уюму, урмат, сый көрсөтүп, сыйлык берүүнүн ордуна материалдык жактан кысым көрсөтүүнү чечишти жылдын жыйынтыгында. Ошентип ал кошумча эмгектен куру калды. Бирдей эле иш аткарып, бирок аракетин аябаган Исаев Майрамбек менен Чымбаев Закир 1100—1200 сомдон жалаң гана кошумча эмгек алып жаткан учурда, ар бир козудан аларга караганда 11 сом54 тыйындык кирешени аз берген Сыдыков Букардин өз малы үчүн чыгымдаган жемди колхозго кайтарып жатты. Бул акыйкат чечим эле.

АЛДЫДА АЛБАН-АЛБАН МИЛДЕТТЕР ТУРАТ

Койлорду жасалма жол менен уруктандыруу, мал кыштатуу, төлдөтүү, жүн кыркып алуу, жайлоого чыгаруу өндүү биздин өндүрүштөгү процесстер жыл сайын кайталана берүүчү нерселер. Бирок аларда ар бир жылдын шартына тажрыйбанын топтолушуна, илимдин жетишкендиктерине, жалпы эле мал чарбасындагы са-

паттык өзгөрүүлөргө байланышкан өзгөчөлүктөр болот. Мейли колхоз боюнча, мейли фермалар боюнча болсун мына ошол өзгөчөлүктөргө жараша ар бир кампаниянын алдында көпчүлүк алдында маселе коюлуп, элдин ой-пикирлери ортого салынат. Аз эле жылдар мурда мына ушундай жыйындарда ар жүз койдон 100—110дон козу алууну чоң жаңылык катары көрүшчү.

Эмнеге? Азыр жагдай такыр башкача. Коомдук малдын саны жалпысынан өз төлүнүн эсебинен ылдам көбөйүп бара жаткандыгына карабастан анын тоют, короо сарайлар менен камсыз болушунда чоң өзгөрүү бар. Малчыларыбыз да баягыдай эмес көбү атайын айыл чарба окуу жайларын бүтүрүшкөндөр, көп жылдар бою мал багып өскөндөр. Мурда ар жүз соолуктан 100дөн козу алганды чабан кол жеткис бийиктик катары бааласа мындай көрсөткүч азыр колхоз боюнча жаралып жатат, биздин чарба онунчу беш жылдыкта орто эсеп менен жыл сайын жүз койдон 102ден козу алган.

«Мал чарбасы айыл-кыштактагы эпкиндүү эмгек» деп айтты жолдош Л. И. Брежнев КПССтин XXVI съездинде. Онунчу беш жылдык бүткүл өлкөбүз сыяктуу эле биздин колхозубуздун да экономикасынын ого бетер чындалышынын коомдук байлыгыбыздын артылышынын, жердештерибиздин материалдык турмуш-деңгээлинин жогорулашынын, маданиятынын өсүшүнүн мезгили болду. Чарбанын бардык тармактары тең өсүп-өндү. Дыйканчылыктын маданияты жогорулады, техника өндүрүштүн чечүүчү күчүнө айланды, дан эгиндеринин, тоюттук жана башка өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү артты. 1971—1975-жылдарда дан эгиндеринин ар гектарынан колхоз боюнча 25,1 центнерден түшүм алынып турса, 1976—1980-жылдарда бул көрсөткүч 31 центнерге жеткен. Түшүмдүүлүктүн жогорулашынын эсебинен малга тоют көбүрөөк камдала баштады — онунчу беш жылдыктын ар жылында даярдалган кесек тоют 12200

тоннадан көп болгон. Бул тогузунчу беш жылдыктагы көрсөткүчкө салыштырганда 5000 тоннага көбүрөөк дегендикти түшүндүрөт. Чыктуу тоют да арбын даярдалып жүрөт. Буга кошумча малга витаминдүү түрдүү тоюттар, микро жана макро элементтер берилип турат.

Колхозубуздун кайсы жерине барбагын — өндүрүштүн тагдырын чечкен техника. Жердин асылдуулугун арттырып, айыл чарба жумуштарынын мөөнөтүн кыскартып түшүмдүүлүккө негиз түзүп жаткан ошол. Экономикабыз чыңдалып, байлыгыбыз арткан сайын, колхоздук кыштагыбыз гүлдөп баратат. Колхозчулар үчүн жаңы үй куруу, маданият жайларын тургузуу, кыштак араларындагы жолду тартипке келтирүү, жашылдандыруу, гүл өстүрүү, суу чыгаруу, канал куруу өндүү иштер жаңылык эмес.

Ансайын адамдар өз эмгегинин үзүрүнө ишенимдүү карашат, келечекте өз жеринин, өз элинин ого бетер дүркүрөп өсүшү үчүн эмгек сиңирүүгө бел байлашат. Мунун баары кайра келип эле өндүрүштүн өркүндөшүнө өз таасирин тийгизүүдө. Кечээ эле малдын короожайы жетишсиздигинен, тоюткордун жоктугунан өлүм-житимге учурап, чабандар төлөмөр болуп, ызы-чуу түшүп жатканын көрүп, андайдан оолак качкандар эми мал багууга даяр турушат. Колхоз башкармасы, партиялык уюму, жалпы коомчулук, бүтүндөй жердештери колуна — кол болуп, түйшүгүн да, жыргалын да тең бөлүшөрүнө көзү жетет анын. Ак ниет эмгегин колхозго тартууласа урмат-сыйга ээ болорун, камкордукка курчаларын көрүп турат ал.

Өткөн ишибизден жыйынтык чыгарып, келечекке көз жүгүрткөн кезде биз адамдардын ушундай жогорку аң-сезимдүүлүгүнө, коомдук өндүрүштү өркүндөтүүгө алардын чечкиндүүлүгүнө таянабыз. Бүткүл совет эли сыяктуу эле, биздин колхоздун мүчөлөрү да жетишилген ийгиликтерине сыймыктануу менен көз чаптырып жаңы чектерди көздөй кадам шилтешти. Советтик эл-

дин турмуш жыргалчылыгын мындан ары арттыруу жөнүндөгү партиябыздын камкордугу жердештерибиздин саясий активдүүлүгүн ого бетер көтөрүп, өндүрүштүн кызыкчылыгы үчүн күрөшкө мобилизациялоодо. Азыр чарбада өткөн беш жылдыкта шилтенген ар бир кадам салмакталып көрүлүп, ага баа берилип, пайдаланылбай калган резервдер жана мүмкүнчүлүктөр изделип жаткан учур. Колхозчуларыбыз КПССтин XXVI съездин эмгектеги зор белектер менен тосуп алуу үчүн жылдын алгачкы күндөрүнөн баштап темпти күчөтүштү. Чарбада мал кыштатуунун абалы кубанычтуу, кой төлдөтүүгө карата даярдык көрүлүп, ар бир оторго жем, чөп, башка да зарыл нерселер жеткирилди, дыйкандарыбыз сугат тармактарын, техниканы тартипке келтирип, жер семирткичтерди талааларга чыгарууда.

Колхоз башкармасы менен партиялык уюмунун бул күндөрдөгү аракеттери алдыңкы ыкмаларды өндүрүшкө тез таркатып, жалпынын кенчине айландырууга багытталган. Мен башкарган партиялык топтогу чабандардын короолорунда өткөн беш жылдыктын ар жылы сайын орто эсеп менен жүз соолуктан 140тан козу бөлүнгөн, беш жылдын ичинде пландагы 430 центнердин ордуна 544,4 центнер жүн даярдалган. Бул төл боюнча беш жылдыкты 136 процентке, жүн боюнча 126 процентке аткардык дегендикке жатат. Республикабыздагы алдыңкы чабандардын көрсөткүчтөрүнө салыштыра келгенде беш чабандын орточо көрсөткүчү анча деле мыкты эместир. Бирок, бирдей эле шартта, бир эле жерде туруп, бир өрөөндө кыштап, бир жайлоодо кой жайып, бирдей эле өлчөмдөгү жем-чөп берип жүргөн ар башка короолордо жыйынтык тап-такыр жакындашпай турган деңгелде экендиги кимди тынчсыздандырбайт?

Мен башкарган партиялык топ бириктирген беш чабандын короолорунда деле ушундай фактыларды көрөбүз. Онунчу беш жылдыктын алгачкы жылында 512

соолуктун ар жүзүнөн 150дөн козу алган чабан Кылжыров Минанын көрсөткүчү 1980-жылы 185ке жеткен. Мага жана Минага кошуна чабан Мукамалиевдин оторунда болсо өткөн беш жылдыктын ар жылында орто эсеп менен 100 соолуктан 118ден же партиялык топтогу көрсөткүчкө караганда 27ден козу аз алынып олтурат.

Рас, партиялык топко бириккен ар бир чабандын оторунда жылдан-жылга өсүш болду. Мисалы, ошол эле Мукамалиевдин оторунда 1976-жылы 530 койдун ар жүзүнөн 95ден козу алынып, төл боюнча план аткарылбай калса, кийинки — 1977-жылы 111ден, 1978-жылы 125тен, 1979-жылы 130дан козу алынган 1980-жылы бул короодо ар жүз соолуктан 131ден козу алынып, өстүрүлгөн. Ар койдон жүн кыркып алуунун абалы да ушундай эле — 1976-жылы ал көрсөткүч 3,6 килограммды түзсө, 1977—1978-жылдарда 3,7, 1978—1980-жылдарда 4,1 килограммга жеткен.

Жыл сайын туруктуу өсүш Мамбеталиеванын жана Көөкөровдун оторлорунан да байкалат. Бирок өсүштүн деңгели эми гана жалпы көрсөткүчтөрүбүздүн деңгелине барабар болгон. Кесиптештеримдин мындан ары да улам жаңы чектерге жетише берүүлөрүнө мен тилектешмин, ал үчүн колдон келген жардамыбызды да аябайбыз.

Мына ушундай абал бүткүл колхоз боюнча койтовар фермаларынын абалын анализдей келген жерде даана көрүнүп турат. Мунун себеби эмнеде? Колхоз башкармасы менен партиялык уюмунун аракеттери ушул сурооого жооп табууда. Ар бир отордогу койдун абалы дайыма контролдукка алынган. Тоюттун чыгымдалышына, малдын багылышына жоопкерчилик күчөтүлгөн. Чарбабыздагы жана республикадагы алдыңкы чабандардын ыкмалары терең талдоодон өткөрүлүп үйрөнүлүүдө. Мурдагы сыяктуу, палан убакта койду жайытка чыгарам, палан убакта сугарамын, палан

убакта жуушатам, палан убакта короого киргизип, жем-чөп беремин деген жалпыга белгилүү тажатма сөздөр азыркы чабандар үчүн көп деле пайдасызыраак экенин турмуш көрсөтүп жатат. Маселе ар бир процессти терең талдап, жалпы эле малдын маданиятын үйрөнүп, жакшы тажрыйбаны өндүрүшкө киирүүгө түздөн-түз рекорддук көрсөткүч жаратып жаткан адамдардын көмөгүнө таянууда турат. Жалгыз гана зооветеринардык эрежелерди «сактоодон» чоң көрсөткүч жарала бербейт. Аны өз шартына, өз мүмкүнчүлүгүнө жараша, бирок өз мезгилинде, чыгармачылык менен колдонуу керек деген ойдомун. Алы жетпеген нерсени бирөөгө таңуулай бербөө керек, ага билими, күчү жетишерлик адамды таба билген, эреженин аткарылышын ошолордон талап кылган оң.

Малды багуунун зооветеринардык эрежелери, албетте, илим менен тажрыйбага толукталган, бекемделген нерсе. Бирок, ал күндөлүк кезиге турган ар түрлүү иштердин майда-чүйдөсүнө чейин өз кучагына камтый албайт да. Негизгисин билген чабан, өзү жалгыз бир короо-кой менен тоо-тоонун башында жүрүп, кокус кезигүүчү маселелерди оңой чече алат. Эрежелерди чыгармачылык менен колдонуу дегенибиз ушул.

Чарбадагы ар бир чабандын колунан булар келеби? Отордун тагдыры чечилүүчү жерде өз алдынча чечимге келе алабы? Чабандардын ар кыл көрсөткүчтөрүнүн анализи ушундай суроолорду коёт, колхоз башкармасы менен партиялык уюмунун алдына. Ал суроолор алдыңкы тажрыйбаны өндүрүшкө киргизүү жөнүндөгү аракетке тыгыз байланышат. Айталык, чабан айыл чарба илиминин негиздери, күндөлүк жаңылыктар менен кабардар болсун. Андай малчыдан көптү күтө алабыз: мал багуунун сырын билет, ишин илим менен тажрыйбанын жетишкендиктерине таянып жүргүзөт, изденет, аракет кылат, табат, жакшыларын өндүрүшүндө колдонот, ылайык келбегендерине сын көз менен карайт, өз

пикирин бирөөлөргө түшүндүрө алат, ар бир кадамынын эртеңкисине бекем ишенет. Кой болгон соң аны жаят экен, жем-чөп жеткирилсе аны аштоолорго таркатып коюп, короого киргизип, убагы менен сугарып, жуушатып, палан жайлооого чыгарып, бекитилген кыштоодо кыштап, төлүнүн «буюрганын» алып, жүнүн кыркып, жасалма жол менен уруктандырат экен деген түшүнүктө жүргөн адамдан чабан чыкпайт. Ал өндүрүштүн негизги процесстери менен үстүртөн тааныш адамдын кыла турган иши. Чабандын иши ары жооптуу, ары ардактуу. Ошол өзүң ойлогон эле процесстердин биринде айрым күтүүсүз тоскоолдук кезиксе жүздөгөн километр алыстыкта жалгыз жүрүп, бир чечимге келе албасаң чабан эмессиң. А мындай кокустуктар кадамың сайын кезигет.

Колхоз башкармасы менен партиялык уюму өлкөдө азык-түлүк проблемасын комплекстүү чечүү жөнүндө партия тарабынан коюлуп жаткан милдетти чечүү үчүн аракетинде чоң резервдерди жана мүмкүнчүлүктөрдү ушундан издей баштады. Чындыгында эле бирдей эле чарбанын, бир эле өрөөнүндө жайлап-кыштап туруп айырмасы асман менен жердей көрсөткүч жаратып жаткан эки чабандын короосунда кандай өзгөчөлүктөр бар? Колхоздо койдун тукуму бирдей, жем-чөп баарына бирдей өлчөмдө берилет, жасалма жол менен уруктандыруунун, демек, төл алуунун мөөнөтү да бирдей, короо-жайсыз кой жок. А эмне үчүн мен башкарган партиялык топтогу беш чабандын короосунда өткөн беш жылдыктын ар бир жылында жүз соолуктан 140тан козу бөлүнөт да, колхоз боюнча бул көрсөткүч 102ни гана түзөт? Эмне үчүн бир эле чабандык топтогу Кылжыров менен Мукамалиевдин, Көөкөровдун короолорунда ар жүз койдон алынган козуда 40—50 гө чейин айырма болот? Эмне үчүн үч кой-товар фермаларында көрсөткүч күч ар башка? Эмне үчүн такыр болбоду дегенде колхозубуздун көрсөткүчү алдыңкы кой-товар

фермабыздын же чабандык топтордун көрсөткүчтөрүнө теңелбейт?

Жалпы колхоздук көрсөткүчтөрүбүздү мындан ары жогорулатуунун чоң резерви мына ушул суроолорго жооп табуу менен бирге чечилет. Колхоз башкармасы менен партиялык уюму бул күндөрдө ар бир чабандын ишке жөндөмдүүлүгүн үйрөнүп, билимин көтөрүүгө, чарба тарабынан түзүлгөн шарттын пайдаланышына, өндүрүштүк тартиптин сакталышына, отордогу жооптуу кампаниялардын уюштурулушунун деңгелине, айтор, кой-короолорундагы иштердин майда-чүйдөсүнө чейин кийлигише башташты. Чабандарды эмгекке материалдык жана моралдык кызыктыруулардын системасы өркүндөтүлүп бара жатат. Чабан болууну каалагандар көбөйүүдө. Кийинки жылдардын ичинде эле көрсөткүчтөрү жалпы колхоздук деңгелден да төмөн турган бир топ оторлордо чабандар алмаштырылды. Туруктуу арта калып келе жаткан оторлордун иштерин жакшыртуу боюнча бул аракет дагы жасалмакчы.

Экинчи жагынан алганда чабандарды иштен бошотуу менен гана бүтүндөй маселе чечилип калбайт. Канча кылса да биз мындай учурда бир топ жыл катары менен кой баккан адамдан кол үзүп калат экенбиз. Менимче «тигинисин иштей албайт, мунусун билбейт, жыйынтыгы мындай экен» деп чабанды жумуштан бошото салгандан көп нерсе ута албасак керек. Бир кезде ошол ишке ишенип жиберген соң, андан талап кылып, билбегенин үйрөтүп, жасагысы келбесе кесиптештеринин алдында уяткарып, экономикалык рычагды пайдалансак дуруско. Алиги малчыларды окутуу, билимдерин көтөрүү, өз ишин анализдеп, корутунду чыгара билүүгө үйрөтүү боюнча колхоз башкармасы менен партиялык уюмунун аракетинин жемиши басымдуу болучудай.

Муну биздин партиялык топтун тажрыйбасынан даана көрүүгө болот. Мисалы, кой чарбасындагы өндүрүштүк процесстердин жүрүшү партиялык топтун көз

кырында дайыма турат. Кимдин короосунда бүгүн эмне иш бүткөрүлдү? Койдун, козунун абалы кандай? Эмне кем-карчы бар? А түгүл ким өлкөдөгү чабандардын бизге али белгисиз тажрыйбалары менен кабардар болду? Мына ушундай нерселерге чейин биргелешип кеңешип алабыз. Официалдуу токтом менен бекитип койбосок деле кийинки кезектүү жолугушканыбызда мурдагы жолку бүтүм кылган ишибиз жөнүндө ар бирибиз өз көргөн-билгенибизди, аткарган жумуштарыбызды айтып беребиз. Бири бирибизден жаап-жашыра турган эч нерсебиз жок. Бирибиздин сырыбыз баарыбызга маалым. Короо сайын төл жана жүн алуу боюнча жыл сайын динамикалуу өсүштүн болуп жатышынын себебинин бири мына ушул. Менин короомдо жана Қылжыров Минанын короосунда өткөн беш жылдыкта жетишилген деңгел биздин чабандык топтун жакынкы жылда эле жалпы орточо көрсөткүчү болуп каларына мен эч шектенбеймин, ага ишенемин.

Буга толук негиз бар. Мина Қылжыров өткөн беш жылдыктын алгачкы жылында 512 койдун ар жүзүнөн 150дөн козу, ар биринен 4,5 килограммдан жүн кыркып алган болучу. 1978-жылы анын оторунда жүз койдон 180ден козу, ар койдон 4,6 килограммдан жүн алынды. Ал эми онунчу беш жылдыктын жыйынтыктоочу жылында козусу 185тен, жүнү 5 килограммдан айланган. Беш жылдын ичинде Мина пландан тышкары 1613 козу, 33,1 центнер жүн колхозго киреше кылган.

Биздин топко бириккен ар бир чабандын өткөн беш жылда жетишкен ийгилиги кубанычтуу. Беш короодон гана колхоз пландан тышкары 5100 козу, 113,5 центнер жүн киреше кылган. Козуларды жайлоодо интенсивдүү багып семиртип, арзан этти мамлекетке өткөрүүдөн, өнөр жайына өтө керектүү козу жүнүн кыркып алуудан биздин чабандык топтун онунчу беш жылдыкта жараткан көрсөткүчтөрү жөнүндө болсо жогоруда жеткиштүү айтылды.

Өз кесиптештерим үчүн арналган бул эмгегимде мен колхоз, чабандык топ, а түгүл отордогу иштерди чагылдырып, цифралар менен оюмду бастырып салбоого аракет кылдым. Анткени цифралар жана фактылар кыйла инстанциялар боюнча деле катталып, көп чогулуштарда, кеңешмелерде келтирилип жүрөт. Ошондой көрсөткүчтөргө жетишүү үчүн эмне кылуу керек деген суроого жооп берүү, менимче, маанилүү болсо керек. Алиги колхоз башкармасы менен партиялык уюму кой чарбасын мындан ары тез өнүктүрүү үчүн резервдерди, мүмкүнчүлүктөрдү башка жактан эмес, тармактын отордун өз ичинен издеп жатышы ушул суроо менен келип чиеленет. Мындай резерв рекорддук көрсөткүчкө жетишип олтурган менин оторумда жана Минанын оторунда да жок эмес. Жогоруда мен бир сакмалчынын алаңгазарлыгынан заматта бир козубуз чыгашага учураганын мисалга келтирдим эле. Ошондойлор азыр деле кезигет. Ага жол бербей коюунун жолун издөө албетте колдон келет. Резерв деген эле ушул. Бүтүндөй чабандык топ, колхоз боюнча мындай кокустуктар жок дейсиңби? Болбой койбойт, өндүрүш бар жерде, адамдар иштеп жаткан жерде.

Өндүрүштүн натыйжалуулугун арттырууда ар бир адамдын керт башынын кошкон салымынын маанисн зор экендигин биздин жердештерибиз өз көздөрү менен көрүп жатышат. Бул, айрыкча бизге, чабандарга тиешелүү. Анткени чабандын өндүрүшүнүн тагдыры негизинен бир адамдын колунда, Оторго, ал өзү ээ, ал үчүн өзү жооп берет, ысыгына күйүп, суугуна кошо тоңгон өзү. Кой төлдөтүү, жасалма жол менен уруктандыруу, кыркын маалында гана сырттан жардам күтпөсө, оторго тиешелүү иштин баарын чабан өзү гана чечүү керек. Ушундай жоопкерчиликти, жердештеринин ишеничин сезген, ага ак эмгеги менен жооп кайтарууга даяр турган адам гана чабан боло алат. Көз жумдуга салып, кайдыгерлик менен мамиле кылуу малчылык кесипке

жат адат. «Мал — тапкандыкы эмес, баккандыкы» дейт элибиз. Бага билүү керек малды. Багуу үчүн курулай кыйкырыктын, таттуу сөздүн, жасалма аракеттин кереги жок. Малдын табиятын жакшы түшүнүү, илим менен кабардар болуп, алдыңкылардын өндүрүшүнө сын көз менен карап үйрөнүп, керектүүсүн өз ишинде пайдалана билгенде гана ишиң илгерилейт. Буларды цифралар, фактылар менен далилдеп коюучу нерселер эмес, көз менен көрүп көкүрөгүң менен туюп турасың.

Бир отор койдун тагдыры жөнүндө өз алдынча маселе чечүү үчүн чабан башынан көптү өткөрүп, көптү билүүсү керек дебедикпи жогоруда. Биздин колхоздо мындай адам четтен чыкпаганы менен улам көбөйүп баратат. Бүткүл өлкөбүздөгү сыяктуу эле, айлыбызда жалпыга милдеттүү орто билимге ээ болуу проблемасы ийгиликтүү чечилүүдө. Кенедейинен малдын арасында өскөн кишиге чабандык кесипке баруу үчүн ушул билим алган кезде жетерлик кылат. Ишке берилген, кой дегенде «ичкен ашын жерге койгон», маселени тереңирээк түшүнүүгө кызыккан, эмгегинен баар тапкысы келген адам андан ары өз билимин көтөрүп алууга дайыма дилгир эмеспи. Ал үчүн ага окуу жайларынын эшиги да ачык, колхоз жетекчилери, адистер, бүткүл коомчулук жардамга келишет. Аз эле жылдын ичинде койдон төл жана жүн алууда кыйла ийгиликтердин жаралышынын бир себепкери бизде ушул жерде турат. Азыр чабандарыбыз жогорку жана атайын окуу жайларында сырттан окушат, айыл чарбасынын экономикасын үйрөнүү боюнча уюштурулган кружоктордун угуучулары. Партиялык уюму тарабынан насаатчылык маселесине чоң көңүл бөлүнгөн: алдыңкы чабандар коңшу кыштаган же жайлаган жаш малчыларга акыл кошуп, өзүнүн ишин ортого салып, үлгүрбөгөн жерине кол кабыш кылышат.

Бири бирибизден үйрөнүп ала турган көп нерселер бар ар кимибизде. Мисалы, көп жерлерде чабандар

коюн кыштаткан короосун жаз чыгып, күн жылыры менен жогорулай көчүп олтуруп, унутуп калышат. Андай чабан балким көңүн чаап алаар кезде гана короосун эсине түшүрбөсө күзгө чейин ошол тарапка карап да койбойт. Суук түшө баштаганда гана кыштоосун көрүп, көп учурларда чалдыбары чыкканынын күбөсү болот. Анан ремонттоо, үйүнүн эшик терезесин жылуулоо, кашаа кармоо өндүү жумуштарды тездетүү жөнүндө чуу салып, колхоз жетекчилеринин тынчын алып кирет. Биздин чабандык топто мындай фактыны баш аламандык катары баалайбыз. Эзелтен бери ата-бабаларыбыз жылуу сарай куруп койбосо да таш короосуна жайлата көз салып, тазалап, көңүн чаап, кыгын керек болуучу жерге жакындатып үйүп алуучу эмес беле. А биз эмне үчүн өз коробузду, өз түнөгүбүздү унутуп калмакчыбыз?! Кой короолоруна жалпы күзөт коюлса да биз өз колубуздан келүүчү майда-барат ремонттук жумуштарды өзүбүз жасап, тазалап, дезинфекциядан чыгарабыз, актайбыз, клеткаларын чегелеп, сырдап, дубалдарын камыш менен жылуулайбыз. Турак үйүбүздү актайбыз, терезе кашектерин, астын, эшигин сырдайбыз. Айтор, атайын жайлоодон бирибиз келебиз да, убакытыбызды бөлүп, кыштын камын көрөбүз.

Бир көргөн кишиге бул майда-чүйдө сыяктуу. А чындыгына келсек чабандын өз ишине тыкандыгы, өндүрүштүк тартиби, баккан малы үчүн камкордук көрүшү ушундай нерседен эле билинип турат. «Эшигин көрүп төрүнө өт» деген эмеспи элибиз. Жашаган жайың, малың багылган короо жел менен кошо желпилдеп тегерегинде ыкыр-чыкыр басып жатса, кыш алдында, көчүп келерде «тазалатып бер, бүтөп бер» деп колхоз жетекчилерине дооматыңды артып олтурсаң — чабан болгонун кайсы?!

Чабандык топто ушундай көзгө көрүнбөгөн нерселерге чейин чоң маани берип, өз ара социалисттик мелдешибиздин жүрүшүн текшергенде андайларды

ашкерелеп, жолдоштук пикирибизди айтабыз. Азыр бизде партиялык топ кийлигишпеген маселе жок калды. Короолорубуздагы кыймыл аракетибиздин ийнежибине чейин жалпыбызга белгилүү. Сырттан окуп, атайын уюштурулган кружоктордон угуп, өз алдынча үйрөнүп жаткан билимдерин чабандарыбыз түздөн-түз иш үстүндө өндүрүштүк аракеттери менен бекемдеп турушат. Көбүбүз койлорду жасалма жол менен уруктандырууну өзүбүз жүргүзөбүз, жүндүн классификацияланышына көз сала алабыз, аткарылган ишибизге экономикалык жактан анализ жасап, жыйынтык чыгарууга алыбыз жетет.

Өлкөбүздү 1981—1985-жана 1990-жылга чейин экономикалык жактан өнүктүрүүнүн негизги багыттарында биздин алдыга коюлган милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн күрөштүн тагдыры түздөн-түз кой чарбасынын тагдыры чечилип жаткан жерде — ортодо экендигин жакшы түшүнөбүз. Демек отордун ээси — негизги күч. Ал үчүн камкордук көрүп, андан ишти талап кылып алуу биздин коммунисттердин милдети.

Биздин чабандык топ КПССтин XXVI съездинин урматына жогорулатылган милдеттенме алды — беш жылдыктын алгачкы жылынан баштап эле көрсөткүчүбүздү жогорулатууга бел байлап, беш жылдык тапшырманы 4 жылда аткарууну чечтик. Биз үчүн бул өтө оор милдет. Бирок убадабыздын орундалышына толук негиз бар — чабандар эмгекке жогорку аң сезимдүүлүк менен мамиле кылышат, коомдук малдын тагдыры анын колунда турганына көзү жетет, ошончолук байлыкты жердештери ага ишенип бергенин, ишенимди актоого күчү жетерин, кыйынчылыкка кезиксе кесиптештери, бүткүл жердештери тикеси менен туруп, жардамга келерин түшүнөт.

КПСС БКнын октябрь (1980-жыл) Пленумунда сүйлөгөн сөзүндө жолдош Л. И. Брежнев өлкөдө азыктүлүк проблемасын комплекстүү чечүү жөнүндө биздин

алдыбызда өтө зор милдеттерди койгон. Биз онунчу беш жылдыктын ичинде эле он биринчи беш жылдыкка белгиленген планды төл боюнча үч жылда, жүн боюнча 2,5 жылда орундатып койгонбуз. Он биринчи беш жылдыктын экинчи жылынан тартып 1985—1990-жылдардын эсебинен продукция бере баштайбыз. Өзүмдүн оторумда быйыл ар жүз соолуктан 185тен козу, ар бир койдон 5 килограммдан жүн кыркып алам деген ойдомун. Койдун азыркы абалы бул убадамдын өтөсүнөн чыгууга мүмкүндүк берүүчүдөй деңгээлде: эти семиз, жүнү бир кылка, чыйрак өсүп келе жатат. Үч эм, эгиз тууй тургандары өздөрүнчө группаларга бөлүнгөн. Белгиленген убагында жайытка чыгарып, сүрмө-топ кылбай короого киргизип, жемин, чөбүн кошумча беребиз. Туут бөлмөсү, төлдөгөн кой, жаш козу киргизиле турган бөлмөлөр, клеткалар тартипке келтирилип, жылууланып, тап-таза турат. Жакын арада сакмалчылар тандалып, короолорго жибериле тургандыгына байланыштуу, аларды күтүп алуунун камын көрөбүз. Бардык эле чабандык топтогу малчыларыбыз кой төлдөтүүнүн жогорку даражада өткөрүү үчүн ар тараптан даярдык көрүүнүн үстүндө.

* * *

Жайкысын кара, такыр күңгөй тарапка күн чагылышып, бүтүн өрөөндү аптап кылып турган менен кышыбыз катаал. Жогортон соккон керимсел так ушул биздин короого жетип эки ачага — бир жагы тар капчыгай тарапка, экинчиси түз ылдый уруп тургансыйт. Кээ бир күндөрдө короо айлана куюн көтөрүлүп, топурак сапырылат. Андай учурда өрөөндүн буктурмаларын тандай салынган кой короолорунун сыртынан карасаң жымжырттык өкүм сүргөн сыяктуу.

Бирок эмгек короо ичинде кайнайт. Малга тоют таркатуу, маалы келгенде сугаруу, бири-бирин кысып,

тебелендиге калтырбасы үчүн сак болуу, дагы ушул сыяктуу толуп жаткан түйшүк. Чыдаган чыдайт андай учурда. Ысык чай ичип олтура берсек жердештерибиздин, коомдун алдында кечиримсиз күнөөгө батабыз.

Кыш оор жылдары тээтиги бийик чокулардагы ак кар бери жылып келе жаткандай жакындай берет. Канчасын баспадым мен ошол жерлердин кыя жолдорунан. Бүт өмүрүм ушул жерде өтүп келе жатат. Топурагын жыттагым келет, киндик каным төгүлгөн аймактын. Козу көтөрүп, энесине эмизип кой артында ар күн жүрбөсөм кандайдыр бир куса болгонсуймун, бир нерсемди унут калтыргансый беремин кечке. Канчалык көзүмө үйүр болсо да кайра-кайра карай бергим келет уламбийиктеп, ак мөңгү башын чалган бөксө тоолорду. Өмүрүмдүн эң сонун кезеңдери ошол тоолордун арасында өттү, ошол мөңгүлөрдүн суусун ичип, колотторун аралап жүрүп чоңойдум. Менин бактыма, ырысыма ошол тоолор, ушул жер, ушул капчыгай, өрөөн, кээде куюндатып кээде жүзүндү аймалай соккон жел, шаркырап аккан суу күбө.

Эң башкысы бактыма, кубанычыма, ийгилигиме ортоктош өз жердештерим. Эзелтен бери мал менен күн көрүп, каранган-карманганы мал болгон ата-бабаларыбыздын кенедейден куралган тажрыйбаларын топтоп, байытып жаткан ошолор. Жөнөкөй тил менен мен бул эмгегимде ошолордун ишин, аракетин кесиптештериме айтып берейин дедим. Албетте, кичинекей китепчеде алардын зор эмгегин жыйынтыктап коюуга мүмкүн эмес экен — ага нечен жолу кайрылаарбыз дагыдагы.

Бир короо койду мага жердештерим ишенип беришкен. Отордун тагдыры менин (чабандын) колумда. Кандай баксам, кандай айдасам, качан жайсам, качан жуушатсам өз эрким дей албайм мен. Отордогу ар бир өндүрүштүк процесс илимий пландаштырылып, анын мөөнөтү, өлчөмү, созула турган убактысы, орду жана

башкалары күн мурунтан белгиленет. Пландуу иерсеии убагында бүтүрүп коюу, ал жерде өзүнүн чыгармачылык демилгесин көрсөтүү, шартты, мезгилди туура пайдаланып калуу чабандын керт башына тиешелүү.

Чабандын жетишкендиги көп иерсеге байланыштуу болот. Ошолордун ичинде мен сакмалчынын эмгегин айрыкча баалар элем. Менин ийгилигимдин көп үлүшүнө ошолор ортоктош, алар менин, мен аларды түшүнөбүз, максатыбыз бир, ишибиз бир. Сакмалчы мага жардамга келген адам.

Менин короомо сакмалчы болуп келген адам да мен сыяктуу эле, ушул өрөөндү мекендеген, ушул өрөөндө өскөн. Колхозубузда болуп жаткан өзгөрүүлөргө ал да күбө. Чабандын эмгеги кайтса экен, колумдан келгенин аябаймын, деп келет ал бизге. Эмгекке ак сезимдүү, ак ниет мамиле кылган мындай адамдар менен бирге алдыдагы максатыма баруучу жол да дангыр.

МАЗМУНУ

Кой жоошпу? 6
«Мал тапкандыкы эмес, баккандыкы» 28
Уйчучу козу 37
«Ырыс алды ынтымак» 46
Ардан эт алуунун булагы 58
Алдыда албан-албан милдеттер турат 68

Отцеводство — ударный фронт

Таштанбек Акматов

ЧАБАН И САКМАНЩИК

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *Т. Насирдинов*
Редактору *З. Исаналиева*
Худ. редактору *Г. Куценко*
Тех. редактору *Р. Ревенко*
Корректору *С. Абылгазиев*

ИБ № 1514

Терүүгө 11. 06. 1981-ж. берилди. Басууга 16.11. 1981-ж. кол коюлду. Д — 06535 Кагазы типографская № 1. Адабий арип. жогорку басма менен басылды. Форматы 70x108 1/32. 2,625., физ. басма табак. 3,675 шарттуу басма табак. 3,72 учеттук табак. 3,85 боек түшүрүү. Тиражы 2000 Заказ № 2916 Баасы 10 т.

«Кыргызстан» басмасы».
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72.

10 т.